**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинде *(азыркы - Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлиги),* анын түзүмдүк жана ведомстволук бөлүнүштөрүндө 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата бюджеттин аткарылышына жана ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылга аудитордук иш планынын жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылдын 1-сентябрындагы №06-1/545, 30-сентябрындагы №09-1/606 жана 19-декабрындагы №09-1/918 буйруктарынын негизинде аудитор А.Т. Байгазаковдун жетекчилигинде, топтун жетекчиси - башкы мамлекеттик инспектор А.Б. Туркбаев, башкы мамлекеттик инспекторлор М.К. Нусупов, К.Н. Чымылдаков, мамлекеттик инспекторлор А.О. Аллабердиев, К.С. Шабралиев, Н.Э. Шабыралиев, Б.Э. Искитов, К.Н. Жусукеев, курулуш боюнча мамлекеттик инспекторлор Э.Т. Жолдошов, А.А. Ажибеков, Д. Т. Кубанычбеков, тышкы адис У.К. Кокочаров жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аймактык бөлүмдөрүнүн мамлекеттик инспекторлору тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинде *(азыркы - Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлиги),* анын түзүмдүк жана ведомстволук бөлүнүштөрүндө 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата бюджеттин аткарылышына жана ишине шайкештик аудити жүргүзүлдү.

**Жооптуу тараптар жана аудит субъектиси**

Аудитке жооптуу тарап - Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, ал эми аудиттин субъектиси болуп Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги (мындан ары – Мамкурулуш) жана анын түзүмдүк жана ведомстволук бөлүнүштөрү эсептелет.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

Мамкурулуштун жетекчилиги мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруу органы тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчиликтүү.

**Аудитордун жана аудитордук топтун милдети**

Аудитордун жана аудит тобунун милдети Мамкурулуштун иши аудиттин критерийлерине ылайык келүүсүнө жүргүзүлгөн аудиттин негизинде тиешелүү корутундуларга өз алдынча келүү болуп саналат. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну

камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөй чечимине, анын ичинде алдамчылыктын же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу ылайык келбөөчүлүк тобокелдигине баа берүүгө көз каранды. Аудит аткарылуучу жол-жоболор бул жагдайларда ылайыктуу деп эсептейт. Чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу болуп саналат деп эсептейт.

**Ишти аткарууда колдонулган аудитордук стандарттар**

Иш INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы № 01-26/123 жана 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтомдору менен Шайкештик аудити жөнүндө колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп Мамкурулуштун ишинин укук белгилөөчү ченемдик укуктук актыларда бекитилген максаттарга жана милдеттерге, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык келиши эсептелет. Көрсөтүлгөн мезгил ичинде аудиттин көлөмүнө киргизилген маселелер:

*Капиталдык салым боюнча:*

- мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча берилген жазма буйруктардын жана сунуштамалардын аткарылышы;

-капиталдык салым формасында ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегинин түзүлүшү;

-капиталдык салымдардын каржылануусу жана каражаттардын өздөштүрүлүшү;

- курулуп бүтө элек курулуш объекттерин талдоо;
- дебитордук жана кредитордук карыздарды талдоо;
- капиталдык курулуштун жана капиталдык оңдоолордун көлөмүнө аудит;
- мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорунун сакталышына аудит.

*Башкаруу аппаратын күтүү боюнча:*

- кирешелердин түшүүсүн талдоо;
- финансылык планды аткарууну талдоо;
- эмгек акы боюнча чыгашаларга аудит;

-дебитордук жана кредитордук карыздардын абалы жана эсепке алынышы;

- негизги каражаттардын абалы жана эсепке алуу;
- мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорунун сакталышы.

**Аудиттин критерийлери**

Аудиттин критерийлери болуп, Мамкурулуштун ишин жөнгө салган төмөндөгү укуктук ченемдик актылар саналат:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- “Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджети жана 2025-2026-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- “Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектурасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксаат берүү тутуму жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 13-июнундагы № 423 “Объекттерди курууда заказчы-куруучунун кызматын күтүүгө чыгымдардын нормативин бекитүү жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-июнундагы № 44 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги жөнүндө жобо” *(КР Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 22-апрелиндеги № 221 токтомуна ылайык күчүн жоготту);*
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы № 855 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттен каржылануучу, капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө жобо” *(КР Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-августундагы № 466 токтомуна ылайык күчүн жоготту);*
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-августундагы № 114 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоого, курууга жана башка өзгөртүүгө документтерди берүүнүн тартиби жана пайдаланууга киргизилүүчү курулуп бүткөн объекттердин ылайыктуулугун баалоо жөнүндө жобо” *(КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-майындагы № 240 токтомуна ылайык күчүн жоготкон)*;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-майындагы № 240 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоого, курууга жана башка өзгөртүүгө документтерди берүү жана эксплуатацияга киргизилүүчү курулушу аяктаган объекттердин шайкештигин баалоо тартиби жөнүндө жобо”;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы № 85 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестри (тизмеси) *(КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы № 304 токтомуна ылайык күчүн жоготкон)*;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы № 304 “Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук

мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы № 637 "Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды (иштерди) көрсөтүү үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибин бекитүү жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 токтому менен бекитилген, Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) финансылык-чарбалык ишинин бухгалтердик эсебинин эсептик планын колдонуу боюнча нускама;

- Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобо";

- ведомстволук жана түзүмдүк бөлүмдөрдүн жоболору.

**Аткарылган иштерди кыскача чагылдыруу**

Бул аудиттин жүрүшүндө Мамкурулуштун ишине тиешелүү ченемдик укуктук актылар, ички ченемдик документтер, финансылык план, бюджеттин аткарылышы, ишкердик жөнүндө отчеттор, бухгалтердик жана башка финансылык документтер иликтенип чыккан.

Аудит белгиленген тобокелдиктер деңгээлинин негизинде аныкталган тандалма көлөмүнө ылайык жүргүзүлгөн.

"Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык, аудитке сунушталган документтердин толуктугу жана аныктыгы үчүн жоопкерчилик документтерди берген кызмат адамдарына жүктөлөт. Аудит жыйналган аудитордук далилдер ушул отчетто чагылдырылган жыйынтыктар үчүн негизди камсыздоо үчүн жетиштүү деп эсептейт.

**Аудит камтылган мезгил аралыгында кредитти тескөөчүлөр болуп төмөндөгүлөр эсептелинет:**

- *биринчи кол коюу укугу менен:* Орунтаев Нурдан Кемелович - 2023-жылдын 9-ноябрынан тартып 2025-жылдын 14-февралына чейин Мамкурулуштун директору, 2025-жылдын 14-февралынан тартып ушул мезгилге чейин Кыргыз Республикасынын Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба министри;

- *экинчи кол коюу укугу менен:* Кулмамбетова Уулбек Кудайбергеновна - 2023-жылдын 17-октябрынан тартып 2025-жылдын 15-майына чейин Мамкурулуштун финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы, 2025-жылдын 15-майынан ушул мезгилге чейин Министрликтин финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы.

## Аудит субъектисинин кыскача мүнөздөмөсү

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 5-майындагы ПЖ №114 Жарлыгынын негизинде түзүлгөн.

2024-жылы Мамкурулушка караштуу 72 мекеме-уюмдар жана 1 долбоор ишмердүүлүгүн жүргүзүшкөн. Аудитке Сауд Өнүктүрүү Фондусунун долбоору жана 53 мекеме (72,6%) камтылды, анын ичинде: Борбордук аппарат, ведомствого караштуу 8 мекеме, ведомстволук бөлүмдүн 2 филиалы, 7 областтык капиталдык курулуш башкармалыктары, “Бишкекбашкыархитектура” мамлекеттик мекемеси, 33 аймактык шаар куруу жана архитектура башкармалыктары *(олуттуулук деңгээли 1,0% (8 461,1 миң сом) деп белгиленип, андан жогору көрсөткүчү бар 33 башкармалык камтылып, калган 20 башкармалык камтылган эмес).*

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-мартындагы №98 токтомуна ылайык, Мамкурулуштун алдындагы Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаменти, “Ысык-Көлдүн саркынды сууларын башкаруу” жана “Нарын программасынын даярдыгы” долбоорлору Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Суу ресурстары кызматынын карамагына өткөрүлүп берилгендиктен, учурдагы аудиттин планына кошулган жок.

2024-жылы Мамкурулуштун Борбордук аппаратын, Республикалык баа түзүү жана сметалык ченемдөө борборун, Мамлекеттик архитектура-курулуш контролдоо департаментин жана Мамлекеттик архитектура-курулуш контролдоо департаментин республикалык бюджеттен каржылоо 201,7 млн сомду түзгөн.

Мамкурулуштун чарбалык эсептеги 4 ведомстволук мекемеси, Турак жай-жарандык курулуш департаменти, 7 областтык капиталдык курулуш башкармалыктары жана 54 аймактык шаар куруу жана архитектура башкармалыктары өзүнчө бухгалтердик эсеп жүргүзүшөт.

Берилген маалыматка ылайык, 2024-жылдын 1-январынан тартып 31-декабрына чейинки мезгил аралыгында 69 чарбалык эсептеги ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана аймактык башкармалыктарынын ишмердүүлүгүнөн түшкөн киреше 2 709,2 млн сомду, ал эми аларды кармоого өндүрүштүк чыгымдар 2 511,9 млн сомду түзгөн.

Сауд Өнүктүрүү Фондусунун “Мамлекеттик мектептерди куруу” кредиттик долбоору боюнча 2019-жылдан тартып 2022-жылга чейин 5 жылга наркы 30 636,4 миң АКШ долларында каржылоо каралган. 2022-жылдын аягына чейин 24 009,8 миң АКШ долларында каржылоо жүргүзүлүп, курулуштар аткарылган. Каралган акча каражаттарын толук каржылоо жана курулуштарды аягына чыгаруу максатында, долбоор 2025-жылдын сентябрь айына чейин

узартылган. 2023-2024-жылдары долбоор боюнча 5 979,3 миң АКШ долларында каржылоо жүргүзүлүп, курулуш иштери аткарылган.

Берилген маалыматка ылайык, 2024-жылы “Капиталдык салымдар” беренеси боюнча республикалык бюджеттен жалпы 10 184,1 млн сом каржыланган, анын ичинен:

- 6 335,9 млн сом Турак жай-жарандык курулуш департаменти аркылуу каржылоо;
- 3 637,5 млн сом казыналык милдеттенмелер аркылуу аткаруучуларга (подрядчиктерге) түз которуу;
- 210,7 млн сом Мамлекеттик ипотекалык компаниялар аркылуу каржылоо.

“Капиталдык салымдар” беренесинен бөлүнгөн каражаттан заказчы-куруучунун кызматын күтүүгө каралган каражаттан сырткары, курулуш-монтаждоо жумуштарына 9 929,1 млн сом сарпталып, төмөндөгүдөй бөлүнгөн: Турак жай-жарандык курулуш департаменти – 591,2 млн сом; Баткен ККБ – 1 119,0 млн сом; Нарын ККБ – 1 061,3 млн сом; Талас ККБ – 539,2 млн сом; Ысык-Көл ККБ – 1 330,3 млн сом; Ош ККБ – 2 127,6 млн сом; Жалал-Абад ККБ – 2 258,1 млн сом; Чүй ККБ -902,3 млн сом.

2024-жылдын 1-январынан тартып 31-декабрына чейинки мезгил аралыгында 54 чарбалык эсептеги аймактык шаар куруу жана архитектура башкармалыктарынын ишмердүүлүгүнөн түшкөн киреше 1 353,5 млн сомду, аларды кармоого өндүрүштүк чыгымдар 1 440,9 млн сомду түзгөн.

2024-жылдын 1-январына карата заказчы-куруучунун кызматын күтүүгө каралган 2,9 % чейинки бекитилген бюджеттик каражаттарынын калдыгы 76 217,7 миң сомду түзгөн. Жыл ичинде курулушка бөлүнгөн бюджеттик каражаттардан 2,5 % өлчөмүндө заказчы-куруучунун кызматын күтүүгө Департаменттин жана анын аймактык башкармалыктарынын банкалык эсебине 254 851,3 миң сом кириштелген. Отчеттук мезгилге карата заказчы-куруучу кызматын күтүүгө 221 892,3 миң сом сарпталып, каражаттардын толук өздөштүрүлбөгөндүгүнүн жана үнөмдөөнүн натыйжасында 2024-жылдын 31-декабрына карата банктык эсептеги калдык 109 176,7 миң сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 11-февралындагы ПЖ №42 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ишинин айрым маселелери жөнүндө” Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин базасында Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлиги түзүлгөн.

**Жалпы корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттердин натыйжасында, төмөндө жазылган жагдайларды кошпогондо, Мамкурулуштун, анын түзүмдүк жана ведомстволук бөлүнүштөрүнүн иштери бардык олуттуу аспектилерде мыйзам талаптарына

(белгиленген аудиттин критерийлерине) шайкеш келери аныкталды.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинде, анын түзүмдүк жана ведомстволук бөлүнүштөрүндө 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыгында *(Турак жай курулуш департаментинин алдындагы Сауд Өнүктүрүү Фондусунун "Мамлекеттик мектептерди куруу" Инвестициялык долбоорундагы курулуш иштеринен сырткары)* жалпы 1 585,3 млн сомго каржы бузуулар аныкталган, анын ичинен толук ордуна коюлууга тийиш 349,4 млн сом, аудит учурунда 122,2 млн сом ордуна коюлду, 227,2 млн сом ордуна коюла элек.

Мындан сырткары, бюджеттик сметаларды түзүү, кароо жана бекитүү, эсеп жана отчеттуулук, мамлекеттик сатып алуулар, капиталдык салымдарга каражаттарды пайдалануу тартибинин сакталбашы (финплан) боюнча процедуралык бузуулар 6 522,4 млн сомду түзгөн.

## Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча берилген жазма буйруктун жана сунуштаманын аткарылышы

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 2022-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча берилген:

- 15 пункттан турган жазма буйруктун *(2024-жылдын 27-декабрындагы №01-20/180)* 5 пункту *(3, 10, 11, 13,14-пункттары)* аткарылган, 9 пункту *(1, 2, 4, 6, 7, 8, 9, 12, 15-пункттары)* жарым жартылай аткарылган, 1 пункт *(5-пункт)* аткарылган эмес;
- 14 пункттан турган сунуштама *(2024-жылдын 27-декабрындагы №01-20/181)* толугу менен аткарылган.

Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 423 618,7 миң сомдун ичинен 389 119,3 миң сом калыбына келтирилген, калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 34 499,4 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 2022-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча 2024-жылдын 27-декабрында берилген №01-20/180 жазма буйруктун жарым-жартылай аткарылган 1, 2, 4, 7, 8, 9, 12, 15-пункттарынын толук аткарылышы камсыздалсын жана 34 499,4 миң сом өлчөмүндөгү калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы калыбына келтирилсин.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 2024-жылдын 27-декабрындагы берилген №01-20/180 жазма буйруктун толук аткарылбагандыгы үчүн кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Бюджеттик капиталдык салымдар формасында жүзөгө ашырылуучу Инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү, бекитүү тартибинин сакталышы жана каражаттардын өздөштүрүлүшү**

**Аныкталды/Корутунду**

Капиталдык салым объектилеринин тизмегине жаңы объектилер кошулгандыгына жана аларды андан ары курууга зарыл каражаттардын жоктугуна байланыштуу, курулуп бүтө элек курулуш объектилердин саны жыл сайын уламдан-улам олуттуу көлөмдө сакталып келет. Алардын алгачкы курулушу 2002-2019-жылдар аралыгында башталып, ар кандай себептер менен *(каржылоонун жоктугунан долбоорлоо сметалык документтеринин жана мамлекеттик экспертизанын бүткөрүлбөшү, каржылоонун үзгүлтүккө учурашы)* курулушу токтоп турган. Алсак, 2024-жылдын 1-январына карата 2 491 286,0 миң сом суммасында курулуп бүтө элек 34 курулуш объектилери болгон. Бул объектилерди каржылоо боюнча бир канча жолу КР Финансы министрлигине кайрылуулар болгондугуна карабастан, 2024-жылы болгону Д. Омурзаков атындагы башкы спорттук аренанын жана Кожомкул атындагы спорт сарайынын техникалык абалын жана реконструкциялоону изилдөөгө 50 000,0 миң сом каржыланган.

Каржыланууга кирбеген 34 объектилердин курулушунун бүтүшү үчүн 2024-жылдын 31-декабрына карата “Капиталдык салымдар” беренесинен 2 098 642,1 миң сом каржылануусу талап кылынган, анын ичинде: Бишкек шаарынын 3 объектисине 388 278,7 миң сом, Чүй ККБынын 6 объектисине 303 895,5 миң сом, Баткен ККБынын 4 объектисине 40 683,9 миң сом, Жалал-Абад ККБынын 5 объектисине 105 379,8 миң сом, Ысык-Көл областтык ККБынын 4 объектисине 330 967,2 миң сом, Нарын ККБынын 1 объектисине 122 071,6 миң сом, Ош ККБынын 11 объектисине 807 365,4 миң сом. Курулушу токтоп турган объектилердин кээ бир бөлүктөрү курулуп бүткөрүлүп, каражаттын жоктугунан токтотулгандан кийин көп убакыт өтүп, жаратылыштын таасиринен улам жараксыз абалга келген учурлар бар. Мисалы, Кара-Суу районунун борбордук ооруканасынын курулушу 2002-жылы башталып, 2006-жылы бүткөрүлүшү керек болгон. Сметалык баасы 26 800,0 миң сомдук объектке 2003-жылы 5 847,5 миң сом каржыланып оорукананын пайдубалы 100% бүткөрүлүп, бирок каржылоо 2005-жылы токтотулгандыктан, азыркы күндө оорукананын пайдубалы толук жарактан чыгып курулушту улантууга мүмкүн эмес абалга келген. Аталган бүткөрүлбөгөн объектинин курулушу Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан республикалык бюджеттин эсебинен курулуусу болжолдонгондуктан, объект 2024-жылдын ноябрь айында Кара-Суу райондук

үй-бүлөлүк медицина борборуна 5 847,5 миң сомдук баасы менен өткөрүлүп берилген.

**Сунуштама**

Курулушу башталып, бирок убагында бүтпөгөн курулуш объектилери боюнча комиссия түзүлүп, курулуш объектилеринин абалын жеринде көрүп чыгып, бүтпөгөн курулуш объектилери боюнча тиешелүү чечимдер кабыл алынсын.

Курулуп бүтө элек объектилердин өсүшүнө жол бербөө максатында, каржылоо биринчи кезекте курулушу бүтпөгөн курулуш объектилерине жүргүзүлсүн.

Келишимдеги милдеттенмелерин толук аткарбаган, курулуш объектилерин өз мөөнөтүндө бүткөрбөгөн, дебитордук карыздарын жойбогон, жалпы эле алган милдеттенмелерине жоопкерчиликсиз мамиле жасаган подрядчыларга мыйзам чегинде катуу чаралар көрүлүп, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Сатып алуулар департаментинин ак ниетсиз берүүчүлөрдүн тизмесине киргизилсин.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 28-беренесинин 4-пунктунда белгиленген талаптарга карабастан, капиталдык салым объекттер тизмегине жаңы объекттер кошулгандыгына жана аларды андан ары курууга зарыл каражаттар жоктугуна байланыштуу, курулуп бүтө элек курулуш объекттеринин саны жыл сайын олуттуу көлөмдү түзүүдө. Алсак,

- ***Чүй областтык капиталдык курулуш башкармалыгы*** боюнча 2024-жылдын 1-январына карата капиталдык салымдар объекттеринин тизмесинде жалпы суммасы 1 691 482,5 миң сомду түзгөн 62 курулуш объектиси курулуп бүтпөгөн бойдон калган. Жыл ичинде 9 объектке каржылоо жүргүзүлүп, жалпысынан 607 875,0 миң сом каражат багытталган. Бул сумма жыл башындагы курулуп бүтпөгөн объекттердин жалпы баасынын болжол менен 36,0% түзөт. Ал эми 2024-жылдын 31-декабрына карата курулушу бүтпөгөн объекттердин саны 63кө чейин көбөйүп, алардын жалпы суммасы 1 822 674,0 миң сомго жетип, жыл башына салыштырмалуу 131 191,5 миң сомго же 7,8% жогорулаган.
- ***Ош областтык капиталдык курулуш башкармалыгы*** боюнча 2024-жылдын 1-январына карата капиталдык салымдар объекттеринин тизмесинде жалпы суммасы 3 908 312,6 миң сомду түзгөн 335 курулуш объектиси курулуп бүтпөгөн бойдон калган. Жыл ичинде 77 объектке гана каржылоо жүргүзүлүп, жалпысынан 2 002 848,8 миң сом каражат багытталган. Бул сумма жыл башындагы курулуп бүтпөгөн объекттердин жалпы баасынын болжол менен 51,2% түзөт. 2024-жылдын 31-декабрына карата курулушу бүтпөгөн объекттердин саны 258 объектти түзүп, алардын жалпы суммасы 3 448 340,3 миң сомду түзгөн.

-***Баткен областтык капиталдык курулуш башкармалыгы*** боюнча 2024-жылга карата жалпы суммасы 763 635,4 миң сом каржыланып, анын ичинен 205 577,2 миң сому тизмеге жаңы киргизилген 21 объектке каржыланган.

-***Нарын областтык капиталдык курулуш башкармалыгы*** боюнча 2024-жылдын 1-январына карата капиталдык салымдар объекттеринин тизмесинде жалпы суммасы 711 083,6 миң сомду түзгөн 57 курулуш объектиси курулуп бүтпөгөн бойдон калган. Жыл ичинде 32 объектке каржылоо жүргүзүлүп, жалпысынан 340 403,3 миң сом каражат багытталган. 2024-жылдын 31-декабрына карата курулушу бүтпөгөн объекттердин саны 60 чейин көбөйүп, алардын жалпы суммасы 757 940,8 миң сомго жетип, жыл башына салыштырмалуу 46 857,3 миң сомго же 6,5% жогорулаган.

**Сунуштама**

Социалдык-экономикалык негиздемеси жок жана толук каржылоо булактары такталбаган долбоорлорду инвестициялык программага кошууга тыюу салынсын. Капиталдык салым объекттер тизмегине жаңы долбоорлорду киргизүүдө, алардын техникалык даярдыгына, каржылоо мүмкүндүгүнө жана күтүлгөн натыйжаларына милдеттүү түрдө комплекстүү талдоо жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

***Турак жай-жарандык курулуш департаментинде*** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы № 855 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө” жобонун 8-пунктунда бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Капиталдык салымдар түрүндөгү бюджеттик инвестициялардын долбоорлорунун тизмегинин долбоорун Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө макулдашууга киргизет деп белгиленген. Бирок, 2024-жылга карата Капиталдык салымдар түрүндөгү бюджеттик инвестициялардын долбоорлорунун тизмеги Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен макулдашылган эмес.

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине***

Капиталдык салымдар түрүндөгү бюджеттик инвестициялардын долбоорлорунун тизмегин бекитүү жана макулдашуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-августундагы № 466 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө” жобонун талаптарына ылайык, жүргүзүлүшү камсыздалсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Турак жай-жарандык курулуш департаментинде жана аймактык башкармалыктарында*** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 28-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-

декабрындагы № 855 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө” жобонун 14-пунктунун талаптары сакталбастан, 2014-2022-жылдары бүткөрүлгөн 179 курулуш объекттери капиталдык салымдар түрүндөгү бюджеттик инвестициялардын долбоорлорунун 2024-жылдагы тизмегине киргизилбей, жалпы мөөнөтүнөн өтүп кеткен 112 154,0 миң сом суммасындагы кредитордук карыздар тындырылган эмес *(кредитордук карыздар боюнча маалымат №3 тиркемеде).*

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине***

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы № 855 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө” жобонун талаптарын бузуу менен, 2014-2022-жылдары бүткөрүлгөн 179 курулуш объекттери боюнча жалпы мөөнөтүнөн өтүп кеткен 112 154,0 миң сом суммасындагы кредитордук карыздарды тындыруу боюнча чаралар көрүлүп, көзөмөл күчөтүлсүн.

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине***

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-августундагы № 466 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө” жобонун 13-пунктунун талаптарына ылайык, ***Турак жай-жарандык курулуш департаменти жана аймактык башкармалыктары*** боюнча мөөнөтүнөн өтүп кеткен 112 154,0 миң сом суммасындагы кредитордук карыздарды тындыруу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Талас шаардык сотунун 2023-жылдын 3-октябрындагы чечимине ылайык, ***Турак жай-жарандык курулуш департаментинен*** жалпы 4 629,1 миң сом өндүрүү чечилген, анын ичинен, 10% өлчөмүндө аткаруу жыйымы 420,8 миң сом, подрядчы жеке ишкер А.А. Домахиндин пайдасына 4 208,3 миң сом, анын ичинен, кредитордук карыздар 3 323,8 миң сом, тартылган зыяндын ордун толтурууга 884,5 миң сом. Жогоруда аталган соттун чечиминин негизинде, Талас облустук бириккен бейтапканасынын курулуш иштери бюджеттик инвестициялардын долбоорлорунун 2025-жылдык тизмегине 4 629,1 миң сом өлчөмүндө киргизилип, 2025-жылдын апрель-август айларында төлөмдөр жүргүзүлгөн. Жыйынтыгында, Департаментте Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 28-беренесинин 4-пунктунун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы № 855 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө” жобонун 14-пунктунун талаптары сакталбагандыктан жана

кредитордук карыздардын өз убагында тындырылбагандыктан республикалык бюджет 1 305,3 миң сомго жоготууга учураган.

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:***

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 28-беренесинин талаптарын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-августундагы № 466 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө” жобонун талаптарынын сакталышы боюнча көзөмөл күчөтүлсүн, кредитордук карыздардын өз убагында төлөнүшүн камсыз кылуу аркылуу, республикалык бюджеттин кошумча жоготууларына жол бербөө боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

***Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигине:***

Аткарылган жумуштардын (кызмат көрсөтүүлөрдүн) өз учурунда төлөнбөгөндүгүнө байланыштуу, ар кандай соттук териштирүүлөрдүн жана туумдардын чегерилүүсүнөн, бюджетке кошумча чыгымдарды алып келүү тобокелдигин алдын алуу максатында, подрядчылар алдында түзүлгөн келишимдик милдеттенмелерди өз убагында аткаруу жана кредитордук карыздардын пайда болушуна жол бербөө боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

***Турак жай-жарандык курулуш департаменти*** боюнча “Сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 48-беренесинин 4-пунктунун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы № 855 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө” жобонун талаптары сакталбастан, тактап айтканда мурдагы дебитордук карыздар эсепке алынбастан, жумуштардын аткарылышы боюнча актылардын жоктугуна карабастан, подрядчыларга кайрадан жалпы 96 945,2 миң сомго, анын ичинен капиталдык курулуш башкармалыктары боюнча: Нарын ККБ - 800,7 миң сомго, Баткен ККБ – 14 740,6 миң сомго, Ош ККБ - 26 117,9 миң сомго, Талас ККБ - 13 265,4 миң сомго, Жалал-Абад ККБ – 17 242,8 миң сомго, Ысык-Көл ККБ – 24 777,8 миң сомго алдын ала каржылоолор жүргүзүлүп, 2025-жылдын 1-январына карата жалпы 509 408,8 миң сом суммасында дебитордук карыздар пайда болгон, анын ичинен, капиталдык курулуш башкармалыктары боюнча: Баткен ККБ – 60 777,3 миң сом, Ысык-Көл ККБ – 66 657,8 миң сом, Нарын ККБ – 39 622,6 миң сом, Талас ККБ – 40 534,7 миң сом, Жалал-Абад ККБ – 96 900,8 миң сом, Ош ККБ – 173 150,4 миң сом, Чүй ККБ – 31 765,1 миң сом.

Мындан тышкары, “Кыргызкурулуш” мамлекеттик ишканасында алдын ала төлөөлөр жүргүзүлгөндүктөн 2024-жылдын аягына карата жалпы 69 030,3 миң сом суммасында дебитордук карыздар пайда болгон.

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине***

Капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлорду каржылоо, дебитордук карыздардын өздөштүрүлүүсүн эске алуу менен, иш жүзүндө аткарылган иштердин көлөмүнө ылайык жүргүзүлүүсү боюнча көзөмөл күчөтүлсүн.

***Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигине:***

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-августундагы № 466 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө” жобонун талаптарына ылайык, капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлорду каржылоо, дебитордук карыздардын өздөштүрүлүүсүн эске алуу менен, иш жүзүндө аткарылган иштердин көлөмүнө ылайык жүргүзүлсүн жана дебитордук карыздардын пайда болушуна жол берилбесин.

Мурдагы дебитордук карыздар эсепке алынбастан, жумуштардын аткарылышы боюнча актылардын жоктугуна карабастан, подрядчыларга кайрадан алдын ала каржылоолор жүргүзүлүп, дебитордук карыздардын пайда болушуна жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Ысык-Көл областтык капиталдык курулуш башкармалыгында*** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 28-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы №855 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө жобонун” талаптарын бузууга жол берилген. Капиталдык салымдар түрүндөгү бюджеттик инвестициялардын долбоорлорунун 2024-жылдык тизмегине объекттердин курулуш иштери бүткөрүлгөн, кредитордук карыздары бар куруучулар тизмеге киргизилбей бюджеттен каражаттар бөлүнбөй калган. Натыйжада, Башкармалыктын 3 031,2 миң сом өлчөмүндөгү кредитордук карыздары жабылбай калган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 28-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-августундагы № 466 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө” жобонун талаптары так сакталсын.

Кредитордук карыздардын өз убагында төлөнүшү камсыз кылынсын жана долбоорлордун тизмесин түзүүдө дебитордук карыздардын өздөштүрүлүүсү эске алынсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Ысык-Көл облусттык капиталдык курулуш башкармалыгында*** мурунку жылдары бүткөрүлбөгөн курулуштарга жана долбоордук-сметалык документтерди даярдоого жалпы 44 569,9 миң сом акча каражаты чыгымдалып, аудит мезгилинде жумуштар жүргүзүлбөй курулуш иштери токтоп калган, анын ичинен: подрядчылар тарабынан түзүлгөн келишимдердин талаптары аткарылбай, сот жол-жоболору жүрүп жаткандыгына байланыштуу, бүткөрүлбөгөн курулуштун наркы 37 504,7 миң сом, инвестициялык долбоорлордун тизмесине кирбегендиктен курулуш иштери жүргүзүлбөй жаткан бүткөрүлбөгөн курулуштардын наркы 7 065,2 миң сом (Жети-Өгүз районундагы Кызыл-Суу айылынын таза суу камсыздоочу жана саркынды сууларды тазалоочу системаларды куруу боюнча 2 955,3 миң сомго, Тоң районундагы Бөкөнбаев айылынын таза суу камсыздоочу жана саркынды сууларды тазалоочу системаларды куруу боюнча 2 233,5 миң сомго жана Тоң районундагы Кажы-Сай айылынын таза суу камсыздоочу системасын куруу боюнча 1 876,4 миң сомго). Бирок, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 28-беренесинин “Бюджеттик инвестициялар биринчи кезектеги тартипте ички инвестициялык долбоорду ишке ашыруунун натыйжалуулугуна баа берүүнү эске алуу менен мурда башталган инвестициялык долбоорлордун аякташына багытталат” деп көрсөтүлгөн талаптары сакталбастан, “Капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмесине” киргизилбегендигине байланыштуу, 2020-жылы башталган долбоорлор боюнча 7 065,2 миң сомго акча каражаты чыгымдалып, аудит учуруна чейин улантылбай курулуш иштери токтоп калган.

**Сунуштама**

*Ысык-Көл облусттык капиталдык курулуш башкармалыгында* бюджеттик каражаттардын натыйжасыз чыгымдалышына жол бербөө максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 28-беренесинин талаптарынын сакталышы камсыздалсын.

**Бюджетти түзүү менен байланышкан жана башка бузуулар**

**Аныкталды/Корутунду**

Мамкурулуштун ведомстволук бөлүмдөрү жана аймактык түзүмдөрү берген маалыматка ылайык, 2024-жылы негизги операциялык ишмердүүлүктөн алынган жалпы киреше 1 985 355,9 миң сомду түзгөн. Отчеттук мезгилде көрсөтүлгөн кызматтардын өздүк наркы жана чыгымдары 1 770 471,4 миң сомду түзгөн. Кээ бир мекемелердин зыян менен чыккандыгын эске алуу менен,

эсептегенде жыл аягындагы жалпы таза пайда 207 486,6 миң сомго барабар болгон.

Мамкурулуш тарабынан, өзүнүн ыйгарым укуктарына ылайык, таза пайданы бөлүштүрүү жана пайдаланууну жөнгө салган бирдиктүү укуктук ченемдик акт иштелип чыккан эмес.

Бирдиктүү ченемдик документтин жоктугунан улам, таза пайда жыл сайын ар бир бөлүмдө жана түзүмдө ар түрдүү багыттарга колдонулуп келет жана таза пайданы бөлүштүрүү боюнча тиешелүү смета-эсептөөлөр түзүлбөй, кийинки жылга карата кирешелерди жана чыгашаларды пландаштырууда таза пайда эске алынбай, тиешелүү каржылык пландар ага негизделбей түзүлөт.

**Сунуштама**

Таза пайданы пайдалануу тартибин аныктаган укуктук ченемдик акт иштелип чыгып, жетекчиликке алынсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Курулушта сертификаттоонун республикалык борборунда*** Мамкурулуштун 2024-жылдын 23-августундагы №252 буйругу менен бекитилген финансылык план сакталбастан, отчеттук мезгилге карата өзгөртүүлөр киргизилбестен жана Борбордун жобосунун 6-бөлүгүнүн 12-пунктунун 8-пунктчасына ылайык, Мамкурулуштун борбордук аппараты менен чыгымдардын жана кирешелердин сметасы макулдашылбастан, 32 834,2 миң сомго чыгымдоолорго жол берилген.

**Сунуштама**

*Курулушта сертификаттоонун республикалык борбору* боюнча финансылык планда бекитилген өлчөмдөн ашыкча чыгымдарды жүргүзүүгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын жана иш жүзүндө финансылык көрсөткүчтөр боюнча четтөө болоору божомолдонгон учурда, Министрликке финансылык планга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча сунуш киргизилиши көзөмөлгө алынсын.

**Аныкталды/Корутунду**

2023-жылдын жыйынтыгында ***“Бишкекбашкыархитектура” мамлекеттик мекемесинин*** кирешеси 279 444,3 миң сомго аткарылгандыгына карабастан, 2024-жылга киреше планы алгач 219 935,2 миң сомго бекитилип, өсүү менен көрсөтүлүшүнүн ордуна мурдагы жылдын аткарылган деңгээлинен 59 509,1 миң сомго аз бекитилген.

Ошол эле учурда, кызматты көрсөтүүнүн топонимика жана эстеликтерди каттоо сектору боюнча 2023-жылы 206,8 миң сом өлчөмүндө киреше түшкөнүнө карабастан, 2024-жылга киреше планы 13,5 эсеге көбөйтүлүп 2 803,6 миң сомго бекитилген. Иш жүзүндө 250,1 миң сомго киреше түшүп, планга салыштырмалуу 2 553,6 миң сомго кем аткарылып, натыйжада план 8,9%га аткарылгандыгы пландоо иштеринин жетиштүү деңгээлде талдоо жүргүзүлбөстөн, түзүлгөндүгүн билдирет.

Жыл ичинде планга киргизилген өзгөртүүлөрдөн кийин 2024-жылга карата киреше бөлүгү 319 337,7 миң сомго такталып, алгачкы бекитилген планга салыштырмалуу 99 402,5 миң сомго же 45,2%га жогорулатылган. Жылдын жыйынтыгында пландын киреше бөлүгү 404 409,3 миң сомго аткарылып, планга салыштырмалуу 85 071,6 миң сомго ашык аткарылып, 126,6%ды түзгөн.

Ошол эле учурда, киреше планы жалпы ашык аткарылганы менен, 9 бөлүм тарабынан жалпы 16 317,4 миң сомго киреше аз түшкөн. Мекемеде пландын аткарылбай калганынын себептери бөлүмдөр боюнча изилденбей жана ал боюнча иш-чара көрүлгөн эмес.

**Сунуштама**

*"Бишкекбашкыархитектура" мамлекеттик мекемесинде* мурдагы жылдардын көрсөткүчтөрү, кызматтын түрү жана бөлүмдөр боюнча эске алынбастан, терең изилденбестен финансылык планды көп айырмачылык менен азайтып түзүүгө жол берген тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. Бөлүмдөргө жеткирилген пландардын аткарылбай калгандыгынын себептери такталып, тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

***"Бишкекбашкыархитектура" мамлекеттик мекемесинде*** "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-8-беренелеринин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 "Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө" токтомунун талаптарын бузуу менен, финансылык отчетто өзгөчө кырдаал боюнча *(10% Бишкек шаарынын мэриясы)* чыгышталбаган 3 396,7 миң сом көрсөтүлүп, таза пайда азайтылган.

*Аудиттин жүрүшүндө чыгышталбаган 3 396,7 миң сом мекеменин бухгалтердик балансдагы дивиденд төлөмүнө коюлган 3540 эсептен кемитилип, балансда пайдага кошулуп, 2024-жылдын жыйынтыгы менен финансылык отчетто көрсөтүлгөн 58 334,7 миң сом таза пайдага өзгөртүү киргизилип, таза пайда 61 731,4 миң сомго түзүлдү.*

**Аныкталды/Корутунду**

Мамкурулуштун тиешелүү буйруктары менен бекитилген финансылык пландар сакталбастан, регионалдык, шаардык жана райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыктарында жалпы финансылык пландан 46 494,7 миң сомго ашыкча чыгымдарды жүргүзүүгө жол берилген, анын ичинде: ***Ош регионалдык башкармалыгында*** - 6 651,8 миң сомго; ***Араван башкармалыгында*** - 5 941,7 миң сомго; ***Кара-Суу шаардык башкармалыгында*** - 2 904,3 миң сомго; ***Кара-Суу башкармалыгында*** - 4 816,1 миң сомго; ***Ноокат башкармалыгында*** - 3 168,6 миң сомго; ***Өзгөн башкармалыгында*** - 6 670,5 миң сомго; ***Жайыл башкармалыгында*** – 9 411,3 миң

сомго; ***Сокулук башкармалыгында*** - 5 960,7 миң сомго; ***Ак-Суу башкармалыгында*** - 969,7 миң сомго.

**Сунуштама**

*Регионалдык, шаардык жана райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыктарында, анын ичинде: Ош регионалдык, Кара-Суу шаардык, Араван, Кара-Суу, Ноокат, Өзгөн, Жайыл, Сокулук жана Ак-Суу райондук башкармалыктарында* финансылык планда бекитилген өлчөмдөн ашыкча чыгымдарды жүргүзүүгө жол берилбесин. Иш жүзүндө финансылык көрсөткүчтөрдү аткарууда четтөө болоору божомолдонгон учурда, Министрликке финансылык планга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча сунуш өз убагында киргизилсин.

## Бюджетке каражаттардын келип түшүүсүн камсыздоо жана кайтаруу боюнча көрүлбөгөн чаралар

**Аныкталды/Корутунду**

***Шаар куруу жана архитектура мамлекеттик долбоорлоо институтунда*** 2024-жылдын 20-сентябрында жалпы баасы 3 136, 4 миң сомго “Жыргалаң” курортунун илме жолу боюнча инженердик-геологиялык изилдөөнүн 1-этабын жүргүзгөнгө “Айсанак плюс” ЖЧКсы менен №222/2024 келишими түзүлүп, иштердин аткаруу мөөнөтү 90 күн деп белгиленген. Келишимдин негизинде “Айсанак плюс” ЖЧКсына келишимдин баасынан алдын ала 50% же 1 568,2 миң сом төлөнүп берилген. Мындан тышкары, өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыгында “Жыргалаң” курортунун илме жолу боюнча инженердик-геологиялык изилдөөнүн 2-этабын жүргүзгөнгө “Айсанак плюс” ЖЧКсы менен 2024-жылдын 22-октябрында жалпы баасы 3 201,7 миң сомго келишими түзүлүп, алдын ала 69,7% же 2 231,4 миң сом төлөнгөн. Жогорудагы келишимдердеги белгиленген иштер 6 айга кечиктирилип аткарылгандыгы үчүн, Институт тарабынан келишимдердин шарттарына ылайык, ар бир күнгө 0,1% чегинде 721,9 миң сом суммасында айып чегерилген эмес.

Мындан тышкары, ***Мамлекеттик экспертиза департаментинде*** сатып-алуулар боюнча конкурстун негизинде “Сапат Дом” ЖКЧсы менен Бишкек шаарынын Манас проспектинде жайгашкан имараттын 1-кабатын оңдоо үчүн 2024-жылдын 1-мартында 3 505,7 миң сомго келишим түзүлүп, аткаруу мөөнөтү 45 күнгө белгиленген. Департамент тарабынан келишимдеги белгиленген иштер 54 календардык күнгө кечиктирилип аткарылгандыгы үчүн подрядчыга 175,2 миң сом суммасында айып коюлган эмес.

***Курулушта сертификаттоонун республикалык борборунда*** “Прокьюр Икс” ЖЧКсы менен көчмө лабораторияны сатып алуу боюнча 4 950,0 миң сомго келишим түзүлүп, Коом тарабынан келишимде көрсөтүлгөн мөөнөттөн 51 күнгө кеч жеткирилгендиги үчүн, 99,0 миң сом суммасында айып коюлган эмес. *(Аудит учурунда “Прокьюр Икс” ЖЧКсы тарабынан 99,0 миң сом суммасындагы айып*

*төлөм 2025-жылдын 2-октябрындагы №365900001 квитанция менен Борбордун банктагы эсебине киришителди).*

**Сунуштама**

Келишимдердин шарттарына ылайык, аткаруу иштеринин белгиленген мөөнөтүнөн кечиктирилгендиги үчүн:

- *Шаар куруу жана архитектура департаментинде* подрядчы “Айсанак плюс” ЖЧКсынан 721,9 миң сом;
- *Мамлекеттик экспертиза департаментинде* подрядчы “Сапат” ЖЧКсынан 175,2 миң сом өлчөмүндөгү айып төлөмдөрүн өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

***Мамлекеттик архитектура-курулуш контролдоо департаментинде*** 2024-жылы курулуш жаатындагы укук бузууларга карата 2023 протокол түзүлүп, 126 061,5 миң сомго айып коюлуп, коюлган айыптардын суммасынан 2024-жылдын аягына карата өндүрүлбөгөнү (2023-жыл үчүн өндүрүлбөгөн сумманын калдыктарын эске алуу менен) 14 650,0 миң сомду түзгөн.

Анализ көрсөткөндөй коюлган айыптарды убагында өндүрүү боюнча Департамент тарабынан тийиштүү чаралар көрүлбөгөндүгүнөн улам мамлекеттик бюджеттин кирешесинин жоготуусуна алып келген. Мындан сырткары, коюлган айыптар жана аларды өндүрүү отчеттуулуктун формасы жүргүзүлбөйт. Ошондой эле, так отчеттуулук бланктарынын протоколдор боюнча жүгүртүлүшүнүн отчету, маалыматы жок.

**Сунуштама**

*Мамлекеттик архитектура-курулуш контролдоо департаментинде*

- 2023-2024-жылдары коюлган айыптардан калган 14 650,0 миң сомду бюджетке өндүрүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн;
- бюджетке айыптарды мажбурлап өндүрүү боюнча соттун чечимдерине ылайык, сот аткаруучулар кызматынын бөлүмдөрүнө берилген материалдар боюнча көзөмөл күчөтүлсүн;
- коюлган айыптарды өз убагында бюджетке түшүүсүн камсыз кылбаган кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын;
- так отчеттуулук бланктарынын протоколдор боюнча жүгүртүлүшүнүн отчетунун түзүлүшү камсыз кылынсын.

## Баа жана тариф жаатында ченемдик укуктук актылардын сакталышы

**Аныкталды/Корутунду**

Мамкурулуштун 54 аймактык шаар куруу жана архитектура башкармалыктары 2024-жылы 2 453 751,6 миң сомдук кызматтарды жана иштерди аткарышкан. Аткарылган кызматтардын жана иштердин ичинен Республикалык курулушта сертификациялоо борбору, аймактык шаар куруу жана архитектура башкармалыктары *(башкармалыктардын тизмеги №1*

*тиркемеде)* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 "Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмесин) бекитүү жөнүндө" токтомунун *(КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы №304 токтому күчүн жоготкон)* 2-пунктунун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 14-апрелиндеги "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин ведомстволук жана аймактык мекемелери аткаруучу иштердин тизмесин бекитүү тууралуу" № 212 токтомунун талаптарын бузуу менен, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрине (тизмесине) жана акы алынуучу негизде аткарылуучу иштердин тизмесине кирбеген 144 012,5 миң сомдук кызматтарды жана иштерди аткарышып, киреше алышкан.

**Сунуштама**

*Курулушта сертификаттоонун республикалык борборунда жана аймактык шаар куруу жана архитектура башкармалыктарында* Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы №304 "Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптарына ылайык, кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрине кирбеген акы төлөнүүчү мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо мамлекеттик институтунда*** (мындан ары - Институт) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы № 637 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибинин 5.2-пунктунун талаптарын бузуу менен, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүнүн (иштердин) өздүк наркына төмөндөгү чыгымдар кошулган: демөөрчүлүк жардам - 107,0 миң сом, материалдык жардам 160,0 миң сом жана кызматтык сапар чыгымдарына - 399,5 миң сом, жалпы 666,5 миң сом. *(Аудит учурунда кызмат көрсөтүүчү (иштердин) өздүк наркка негизсиз кошулган жалпы 666,5 миң сом бюджетке чегерилген).*

**Сунуштама**

*Жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо мамлекеттик институтунда* акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүнүн (иштердин) өздүк наркын аныктоо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы № 637 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибинин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Мамкурулуштун шаардык жана райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыктарында көрсөтүлгөн кызматтар үчүн 1 367,2 миң сомдук акылар толук эмес өлчөмдө алынган, анын ичинде: ***Ош регионалдык башкармалыгында*** - 443,9 миң сом; ***Кара-Суу шаардык башкармалыгында*** - 8,9 миң сом; ***Кара-Суу райондук башкармалыгында*** - 704,6 миң сом; ***Өзгөн райондук башкармалыгында*** - 106,7 миң сом; ***Талас регионалдык башкармалыгында*** - 103,1 миң сом.

**Сунуштама**

Министрликтин шаардык жана райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыктарында, анын ичинде: *Ош регионалдык башкармалыгында* - 443,9 миң сом; *Кара-Суу шаардык башкармалыгында* - 8,9 миң сом; *Кара-Суу райондук башкармалыгында* - 704,6 миң сом; *Өзгөн райондук башкармалыгында* - 106,7 миң сом; *Талас регионалдык башкармалыгында* - 103,1 миң сом өлчөмүндө көрсөтүлгөн кызматтардан түшпөй калган кирешелер өндүрүлсүн жана кемчиликтерге жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Мамкурулуштун шаардык жана райондук башкармалыктарында көрсөтүлгөн кызматтар үчүн 308,3 миң сомдук акылар ашыкча алынган, анын ичинде: ***Жалал-Абад регионалдык башкармалыгында*** - 201,7 миң сом *(бюджетке кайтарылган)*; ***Ала-Бука башкармалыгында*** - 61,1 миң сом *(бюджетке которулган)*; ***Ноокен башкармалыгында*** - 45,5 миң сом.

**Сунуштама**

Мамкурулуштун шаардык жана райондук башкармалыктары, анын ичинде: *Жалал-Абад регионалдык башкармалыгы, Ала-Бука жана Ноокен башкармалыктары* тарабынан көрсөтүлгөн кызматтар үчүн ашыкча акы алууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. *Ноокен башкармалыгы* тарабынан аткарылбаган кызматтар үчүн ашыкча алынган 45,5 миң сом тиешелүү бюджетке чегерилсин.

**Аныкталды/Корутунду**

***Ак-Суу районунун шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгында*** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы № 637 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибинин талаптарын бузуу менен, 2024-жылдын январь айынан тартып май айына чейин Монополияга каршы мамлекеттик кызмат менен макулдашылбастан, арызды кабыл алуу кызматы үчүн негизсиз 527,9 миң сом акча каражат чогултулган.

**Сунуштама**

*Ак-Суу районунун шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгында* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын

26-октябрындагы № 637 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибинин талаптарын бузуу менен, Монополияга каршы мамлекеттик кызмат менен макулдашылбастан, арызды кабыл алуу кызматы үчүн 527,9 миң сомго негизсиз акы алууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Эмгек акылардын , ага кошумча төлөмдөрдүн эсептелинишине жана төлөнүшүнүн тууралыгы, Соцфонд менен эсептешүүлөр**

**Аныкталды/Корутунду**

***Мамкурулуштун Борбордук аппаратында*** Бюджеттик кодекстин 103-беренесинин талаптарын бузуу менен кызматкерлерге материалдык сый акылар сметадан жана кассалык чыгымдардан 71,7 миң сомго ашыкча эсептелинип, бухгалтердик эсептерде чагылдырылбастан, 2025-жылдын сметасында каралган каражаттын эсебинен 2024-жылы сметадан ашыкча эсептелген профсоюздук взнос үчүн төлөм жүргүзүлгөн. (Аудит учурунда кайрадан эсептөөлөр жүргүзүлүп, сметада каралбаган 71,7 миң сом бюджеттин эсебине чегерилген).

**Сунуштама**

Отчеттук мезгилге карата бюджетти аткаруу процессинде, Бюджеттик кодекстин 103-беренесинин талаптарынын сакталышы камсыздалсын. Бекитилген сметадан ашыкча чыгымдарга жол берилбесин.

**Аныкталды/Корутунду**

***Жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо мамлекеттик институтунда*** “Кызматкерлерге эмгек акы жана кошумча төлөмдөрдү төлөө жөнүндөгү” жобонун талаптары сакталбастан, отчеттук мезгилдин IV кварталынын жыйынтыгы чыгарылбастан, кварталдык жана жылдык бухгалтердик баланс тапшырылбастан кызматкерлерге 1 462,8 миң сом өлчөмүндө кварталдык сый акы төлөнгөн.

**Сунуштама**

*Жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо мамлекеттик институтунда* эмгек акы жана кошумча төлөмдөрдү төлөө, “Кызматкерлерге эмгек акы жана кошумча төлөмдөрдү төлөө жөнүндөгү” жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

***Жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо мамлекеттик институтунда*** отчеттук мезгилде эмгек акы төлөөлөрдүн жалпы суммасы бекитилген эмгек акы фондунун чегинен ашкан эмес. Бирок, бөлүм башчылар тарабынан эмгекке катышуу коэффициенти так берилбестен, үстүртөн бөлүштүрүлгөндүгүнүн натыйжасында кызмат көрсөтүүгө катышкан кызматкерлердин эмгекке катышуу үлүшү айрым кызматкерлерге жогору

коюлуп, ашыкча төлөмдөргө, ал эми айрым кызматкерлерге төмөн коюлуп, аз төлөмдөргө алып келген. Жыйынтыгында жалпы суммасы 1 348,7 миң сом ашыкча, ал эми 1 291,7 миң сом аз төлөнгөн.

**Сунуштама**

*Жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо мамлекеттик институтунда* эмгек акы төлөөнүн, анын ичинде эмгекке катышуу коэффициенттеринин үлүшүн аныктоонун эрежелери так сакталсын. Эмгек акыларды эсептөөдөгү бузууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын. Айлык маянаны баалоодо жана рапорт түзүүдө, көрсөткүчтөрдү электрондук система аркылуу автоматташтыруу киргизилсин.

**Аныкталды/Корутунду**

Мамкурулуштун протоколдук тапшырмасы менен ***Шаар куруу жана архитектура мамлекеттик долбоорлоо институтуна*** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоого, курууга жана башка өзгөртүүгө документтерди берүүнүн тартиби жана пайдаланууга киргизилүүчү курулуп бүткөн объекттердин ылайыктуулугун баалоо боюнча жобону бекитүү жөнүндө” токтомунун долбоорун иштеп чыгууну уюштуруу тапшырылып, Институт тарабынан токтомдун долбооруна карата аналитикалык кат даярдоо үчүн штаттык ырааттамадан тышкары жаран Н.Д. Жукунов менен эмгек келишими түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-августундагы № 444 токтому менен бекитилген, “Ишкердик субъекттеринин ишине ченемдик укуктук актылардын жөнгө салуучу таасирин талдоо методикасынын талаптарына ылайык, токтомдун долбоорун иштеп чыккан органдын өкүлдөрү, ошондой эле башка мамлекеттик органдардын, ишкердик иштин жөнгө салынуучу чөйрөсүнө түз тиешеси бар ишкерлер бирикмелеринин (бизнес-ассоциациялардын) өкүлдөрү макулдашуу боюнча киргизилген жумушчу топ түзүлбөстөн, аналитикалык кат жаран Н.Д. Жукунов тарабынан даярдалып, ага көрсөтүлгөн кызмат үчүн 133,9 миң сом төлөнгөн, анын ичинен: 12,0 миң сом киреше салыгы, 24,0 миң сом Социалдык фондго чегерүүлөр. (*Аудит учурунда 97,9 миң сом мекеменин эсебине кайтарылган*).

**Аныкталды/Корутунду**

***Шаар куруу жана архитектура мамлекеттик долбоорлоо институтунда*** Кыргыз Республикасынын Ленин райондук сотунун 2024-жылдын 12-январындагы ГД-6435/23Б1 чечими жана Бишкек шаардык сотунун жарандык жана экономикалык иштер боюнча Соттук коллегиясынын 2024-жылдын 29-майындагы чечими менен Институттун мурдагы башкы эсепчиси Т.Я. Тураевге мыйзамсыз жумуштан четтетилген мезгили үчүн, Институттун эсебинен эмгек акы өндүрүү каралып, Институттун 2024-жылдын 3-июлундагы №82-к буйругу менен Т.Я. Тураевге 368,0 миң сом төлөнүп берилген. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 138-беренесинин

талаптары сакталбастан, уюмга анын жетекчисинин күнөөсү боюнча 368,0 миң сом көлөмүндө келтирилген зыяндын ордун толтуруу боюнча иш аракеттер жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

*Шаар куруу жана архитектура департаментинде* Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 138-беренесинин талаптарына ылайык, кызматкердин мыйзамсыз бошотулушунун себебинен, мекемеге 368,0 миң сом көлөмүндөгү келтирилген зыяндын ордун толтуруу боюнча тиешелүү иш-аракеттерди жүргүзүү камсыздалсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Шаар куруу жана архитектура мамлекеттик долбоорлоо институтунун филиалдарында*** 2024-жылдын 1-январынан тартып 30-июнуна чейинки операциялык иштин жыйынтыгы боюнча алынган зыянга карабастан кызматкерлерге сый акылар төлөнгөн, анын ичинде: ***Ысык-Көл филиалында*** 756,0 миң сом суммасында 2 278,0 миң сом зыян алынгандыгына карабастан , ***Ош филиалында*** 227,8 миң сом суммасында 3 681,4 миң сомго зыян алынгандыгына карабастан.

**Сунуштама**

*Шаар куруу жана архитектура департаментинде жана анын филиалдарында* сый акыларды чегерүү, мекеменин финансылык абалын жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

***Мамлекеттик экспертиза департаментинде*** 45 жеке жактар менен түзүлгөн эмгек келишимдерине ылайык, 6 619,5 миң сом суммасында эмгек акы төлөнүп берилген. Түзүлгөн келишимдердин 3-пунктун бузуу менен, келишимдеги каралган иштердин аткарылышы боюнча тиешелүү отчеттор тапшырылбастан 5 кызматкерге 330,8 миң сом эмгек акы төлөнүп берилген.

**Сунуштама**

*Мамлекеттик экспертиза департаментинде* эмгек келишимдеринин негизинде жарандарга каралган төлөмдөр, келишимдеги каралган иштердин аткарылышы боюнча отчеттун негизинде төлөнүп берилсин.

**Аныкталды/Корутунду**

***“Бишкекбашкыархитектура” мамлекеттик мекемесинде*** “Кызматкерлерин отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча мекеменин ишинин жалпы натыйжалары үчүн сыйлоо жөнүндө” жобонун талаптарын бузуу менен, белгиленген пландык тапшырмалары аткарылбастан жана пландык көрсөткүчтөргө жетпестен бөлүмдөрдүн кызматкерлерине жалпы 4 539,4 миң сом өлчөмүндө сый акылар төлөнгөн.

**Сунуштама**

*“Бишкекбашкыархитектура” мамлекеттик мекемесинде* “Кызматкерлерди отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча мекеменин ишинин

жалпы натыйжалары үчүн сыйлоо жөнүндө” жобонун 2-пунктунун талаптарын бузуу менен, сый акы төлөп берүүгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Курулушта сертификаттоонун республикалык борборунда*** жамааттык келишимдин жана “Сыйлоо (шыктандыруу) жөнүндө” жобонун талаптарын бузуу менен, отчеттук мезгилдин жыйынтыгы менен сый акы төлөнбөстөн, директордун 2024-жылдын 3-июлундагы №147 “2024-жылдын II кварталынын жыйынтыгы боюнча сыйлоо жөнүндө” буйругунун негизинде кызматкерлерге 2 333,7 миң сом суммасында сый акы төлөнгөн. Андан кийин, 2024-жылдын 23-июлунда №162 “2024-жылдын I жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча сыйлоо” буйругунун негизинде, ошол эле отчеттук мезгилди башкача атап, 1 963,2 миң сом өлчөмүндө сый акы төлөнгөн.

2024-жылдын 30-сентябрындагы №219 буйругунун негизинде III кварталдын жыйынтыгы боюнча кызматкерлерге 2 609,0 миң сом суммасында сый акы төлөнгөн. Ошол эле отчеттук мезгил үчүн, 2024-жылдын 30-октябрында №236 “2024-жылдын 9 айынын жыйынтыгы боюнча сыйлоо” буйругунун негизинде 3 206,5 миң сом өлчөмүндө сый акы төлөнгөн.

Кызматкерлерге сый акыларды төлөөдө бир эле отчеттук мезгил ар башка аталышта көрсөтүлүп, 2024-жылдын II жана III кварталдары боюнча кайталанып төлөнгөн сый акылардын жалпы суммасы 5 169,7 миң сомду түзгөн.

Мындан тышкары, Борбордун жамааттык келишиминде жана “Эмгек акыны төлөө боюнча” жободо Ата-Журтту коргоо күнүнө карата сый акы төлөө каралбагандыгына карабастан, Борбор тарабынан кызматкерлерге 2024-жылдын 29-февралында №044 буйругунун негизинде Ата-Журтту коргоо күнүнө карата 2 057,8 миң сом суммасында сый акы төлөнүп берилген.

**Сунуштама**

*Курулушта сертификаттоонун республикалык борборунда* эмгек акы жана сый акыларды төлөө, жамааттык келишимде жана “Эмгек акыны төлөө боюнча” жободо каралган талаптарга ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

***Курулушта сертификаттоонун республикалык борборунда*** “Эмгек акыны төлөө боюнча” жобонун талаптарын бузуу менен, кызматкерлерге кошумча акы аныктоо үчүн зарыл болгон критерийлер иштелип чыгып, жетекчи тарабынан бекитилбестен, Борбордо кызматкерлердин квалификациясына ай сайын баалоо жүргүзүлбөстөн, директордун буйруктарынын негизинде 2024-жылдын август айынан тартып декабрь айына чейин 6 578,5 миң сомго кошумча акылар төлөнгөн.

**Сунуштама**

*Курулушта сертификаттоонун республикалык борборунда* Мамкурулуштун директорунун 2024-жылдын 23-августундагы буйругу менен

бекитилген, “Эмгек акыны төлөө боюнча” жобонун талаптарына ылайык, кызматкерлердин эмгек акысына кошумча төлөмдөр иштелип чыккан квалификациялык баалоолорго жана бекитилген критерийлерге негизделип жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

***Курулушта сертификаттоонун республикалык борборунун*** мурунку директору С.Ж. Карагозуевдин 2024-жылдын 7-мартында кызматтан бошотулганына карабастан, табелге 2024-жылдын 13-мартына чейин иштеген катары көрсөтүлүп, 11,3 миң сом негизсиз ашыкча эмгек акы төлөнгөн. *(2025-жылдын 23-октябрындагы №387400047 квитанция менен 11,3 миң сом Борбордун банктагы эсебине кириштелди.)*

**Сунуштама**

*Курулушта сертификаттоонун республикалык борборунда* кызматкерлердин иш жүзүндө иштеген жумуш убактысын эсепке алуу Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 62-беренесинин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

***“Кыргызкурулуш” мамлекеттик ишканасынын*** жамааттык келишиминин 13-пунктунун 9-пунктчасына ылайык, кызматкерлерге сый акы эмгегинин жыйынтыгына жараша белгиленүүгө тийиш. Бирок көрсөтүлгөн талаптар сакталбастан, кызматкерлердин эмгегинин жыйынтыктары каралбастан, 2 702,7 миң сом суммасында сый акы төлөнүп берилген.

Мындан тышкары, 2024-жылдын 1-июлунда бекитилген, “Кызматкерлердин эмгегине акы төлөө шарттары жана эс алуу убактысы жөнүндө” жобонун 17-пунктуна ылайык, зарыл учурларда айлык эмгек акысынын 50% ашпаган өлчөмүндө аванс алуу каралган. Бирок, жогорудагы жобонун талаптары сакталбастан, Ишкананын башкы эсепчиси А.С. Омуркуловага 2024-жылдын ноябрь айындагы эмгек акысынын 233% түзгөн 165,0 миң сом өлчөмүндө аванс берилип, жылдын аягында дебитордук карыз катары чагылдырылган.

**Сунуштама**

*“Кыргызкурулуш” мамлекеттик ишканасында* эмгек акы жана сый акы төлөө жамааттык келишимдин жана “Кызматкерлердин эмгегине акы төлөө шарттары жана эс алуу убактысы жөнүндө” жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 96-беренесинин талаптарына ылайык, ишкананын башкы эсепчиси А.С. Омуркулованын карызын жоюу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № ПЖ 266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык

кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгы мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге тийиштүү экендигине карабастан, ***Чүй областтык капиталдык курулуш башкармалыгында*** кызматкерлерге иштин татаалдыгы, сапаты жана ченемден тышкаркы иш режими үчүн 2024-жылдын январь айында 25% өлчөмүндө үстөк акы негизсиз эсептелинип, жалпы 100,7 миң сом төлөнүп берилген.

Мындан тышкары, 7,0 миң сомдон тамак-аш жана транспорттук чыгымдары үчүн компенсация иретинде (милдеттүү которууларды эске алуу менен) негизсиз 124,7 миң сом төлөнүп берилген. Жыйынтыгында, 225,4 миң сом эмгек акыга кошумча негизсиз төлөнүп берилген.

**Сунуштама**

*Чүй областтык капиталдык курулуш башкармалыгында* кызматкерлерге эмгек акы эсептеп, төлөө Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык жүргүзүү камсыздалсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Түп архитектура жана шаар куруу башкармалыгында*** штаттык ырааттамада жетекчинин орун басары кызмат орду каралган эместигине карабастан, бөлүм башчысына жетекчисинин орун басары милдеттери жүктөлүп, 20,0 миң сом өлчөмүндө эмгек акысы бекитилген. Жыйынтыгында, штаттык ырааттамада каралбаган кызмат орунга негизсиз 48,5 миң сом төлөнүп берилген.

**Сунуштама**

*Түп архитектура жана шаар куруу башкармалыгында* кызматкерлердин эмгек акылары бекитилген штаттык ырааттамага ылайык эсептелинип, төлөнсүн жана штаттык ырааттамада каралбаган кызмат орунга негизсиз 48,5 миң сом төлөөгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

“Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери”, “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу” жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” нускаманын талаптары сакталбастан:

- ***Мамлекеттик архитектура-курулуш контролдоо департаментинде*** 2023-жылы эмгекке жарамсыздык баракчасына, дарылоо боюнча жөлөкпулдарга, тамак-ашка жана жол киреге эсептелинген суммаларга Социалдык фонддун камсыздоо төгүмдөрү (17,25%) 308,8 миң сом өлчөмүндө ашыкча эсептелип, чегерилген. *(Аудиттин жүрүшүндө 2025-жылдын 10-ноябрындагы №378 төлөө тапшырмасы менен республикалык бюджеттин эсебине 308,8 миң сом кайтарылган);*

- ***Ысык-Көл регионалдык архитектура жана шаар куруу башкармалыгында*** келишимдин негизинде иштеген 2 (эки) жеке адамга төлөнгөн эмгек акыларынан 2,6 миң сом киреше салыгы кармалган эмес жана 5,1 миң сом камсыздандыруу төгүмдөрү Социалдык фондго чегерилген эмес.

**Сунуштама**

*Ысык-Көл регионалдык архитектура жана шаар куруу башкармалыгында* 2,6 миң сом суммасындагы киреше салыгы жана 5,1 миң сом суммасындагы камсыздандыруу төгүмдөрү тиешелүү бюджеттерге калыбына келтирилсин.

## Командировкалык чыгымдардын нормаларынын жана алардын ордун толтуруу тартибинин сакталышы

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 28-августундагы № 471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомунун талаптарын бузуу менен командировкалык чыгымдардын ордун толтурууда баштапкы тастыктоочу документтери жок ашыкча төлөмдөр жүргүзүлгөн:

- ***Турак жай-жарандык курулуш департаментинде*** 20,3 миң сомго (аудиттин жүрүшүндө ашыкча төлөнгөн 20,3 миң сом калыбына келтирилди);

- ***Шаар куруу жана архитектура мамлекеттик долбоорлоо институтунда*** 181,0 миң сомго;

- ***Ош областтык капиталдык курулуш башкармалыгында*** 9,6 миң сомго (*аудиттин мезгилинде 9,6 миң сом республикалык бюджетке кириштелген);*

- Регионалдык шаар куруу жана архитектура башкармалыктарында 70,5 миң сомго, анын ичинен: ***Ысык-Көл регионалдык башкармалыгында*** - 3,7 миң сом; ***Жети-Өгүз башкармалыгында*** - 24,7 миң сом; ***Тоң башкармалыгында*** - 10,2 миң сом; ***Түп башкармалыгында*** - 1,9 миң сом; ***Ала-Бука башкармалыгында*** - 30,0 миң сом (мекеменин эсебине кайтарылган).

**Сунуштама**

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 28-августундагы № 471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомунун талаптарын бузуу менен, командировкалык чыгымдардын ордун толтурууда баштапкы тастыктоочу документтери жок, ашыкча төлөнгөн иш сапар чыгымдары тийиштүү кызматкерлерден өндүрүлүп, ордуна коюлсун:

- *Шаар куруу жана архитектура мамлекеттик долбоорлоо институтунда* - 181,0 миң сом;

- *Ысык-Көл регионалдык шаар куруу жана архитектура башкармалыгында* - 3,7 миң сом;

- *Жети-Өгүз шаар куруу жана архитектура башкармалыгында* - 24,7 миң сом;

- *Тоң шаар куруу жана архитектура башкармалыгында* - 10,2 миң сом;
- *Түп шаар куруу жана архитектура башкармалыгында* - 1,9 миң сом.

**Аныкталды/Корутунду**

Мамкурулуштун тиешелүү буйруктарынын жана каттарынын негизинде штаттык тизмеге кирбеген Мамкурулуштун кызматкерлеринин эл аралык иш сапар чыгымдарына төлөмдөр жүргүзүлгөн, аны ичинде:

- ***Мамлекеттик экспертиза департаментинде*** жалпы суммасы 301,6 миң сомго (Мамкурулуштун директорунун орун басары Б.К. Станбековко - 89,4 миң сом, Мамкурулуштун архитектура бөлүмүнүн башчысы А. Керемкуловага - 41,6 миң сом, Мамкурулуштун жетекчисине - 170,6 миң сом). *(Аудит учурунда 301,6 миң сом суммасы 2026-жылдын 14-январындагы №4329 төлөм тапшырмасы менен бюджетке чегерилди).*

- ***Шаар куруу жана архитектура мамлекеттик долбоорлоо институтунда*** 701,2 миң сомго *(аудит учурунда 701,2 миң сом 2026-жылдын 28-январындагы №000049 төлөө тапшырмасы менен бюджетке кайтарылган)*.

**Сунуштама**

*Мамлекеттик экспертиза департаменти* жана *Шаар куруу жана архитектура мамлекеттик долбоорлоо институту* тарабынан мындан ары бекитилген штаттык тизмеге кирбеген кызматкерлердин иш сапар чыгымдарын төлөп берүү практикасы токтотулсун.

## Транспорттук каражаттардын лимиттеринин сакталышы жана транспорттордун пайдаланылышы

**Аныкталды/Корутунду**

***"Бишкекбашкыархитектура" мамлекеттик мекемесинде*** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 "Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө" токтомунун 7-пунктуна ылайык, 5 жеке менчик автоунааларын пайдаланууда компенсация төлөнбөстөн, жалпы 504,0 миң сомго 8211,9 литр күйүүчү май берилген.

**Сунуштама**

*"Бишкекбашкыархитектура" мамлекеттик мекемесинде,* жеке менчик жеңил автоунааларын пайдаланууда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы № 672 "Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандыгы үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө" токтомунун талаптарынын аткарылышы камсыздалсын.

## Кассалык, банктык жана казыналык операциялар

**Аныкталды/Корутунду**

Мамкурулуштун чарбалык эсептеги 4 ведомстволук мекемеси, Турак жай-

жарандык курулуш департаменти, 7 областтык капиталдык курулуш башкармалыктары жана 54 аймактык шаар куруу жана архитектура башкармалыктары болуп, жалпысы 66 мекеме өзүнчө бухгалтердик эсеп жүргүзүшөт. Мамкурулуштун чарбалык эсептеги мекемелери Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинде каралган бюджеттин бирдиктүүлүк принцибин сактабастан, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-106-беренелеринин, “Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдарга пландалган республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесинин талаптарын бузуу менен, өзүн-өзү каржылоодо болуп, мамлекеттик акы төлөнүүчү кызматтарды жүргүзүп, коммерциялык банктагы эсептерин жабышпастан, каражаттар Бирдиктүү казыналык эсепке которулбастан, казына тутумунан тышкары тейленип келген. Алардын негизги операциялык ишмердүүлүгүнөн 2024-жылдын жыйынтыгында казыналык эсептен тышкары жалпысы болуп 2 709 251,8 миң сом киреше түшүп, ушул эле мезгилдеги Мамкурулуштун ведомстволук бөлүмдөрүн жана аймактык башкармалыктарын *(№2 тиркеме)* кармоого өндүрүштүк чыгымдар 2 511 876,5 миң сомду түзгөн.

Мындан тышкары, ***Баа түзүү жана сметалык ченемдөө республикалык борбору*** боюнча 2025-жылдын 13-ноябрында “Элдик Банк” ААКсынан алынган банктык көчүрмөдө №1290583230004624 эсеп боюнча 15,1 миң сом суммасында калдыктын бар экендиги аныкталган. Банктык маалыматтарга ылайык, аталган эсеп боюнча 2022-жылдан тартып 2025-жылдын 13-ноябрына чейин жалпы 483,0 миң сом суммасында көрсөтүлгөн кызматтардан киреше түшүп, 467,8 миң сомго чыгым жүргүзүлгөндүгү аныкталган. *(Аудит мезгилинде, 2025-жылдын 13-ноябрында “Элдик Банк” ААКсынын эсебинде калган 15,1 миң сом республикалык бюджеттин эсебине 2025-жылдын 25-ноябрындагы №1 төлөм тапшырмасы менен которулду).*

***Курулушта сертификаттоонун республикалык борборунда*** банктардын депозиттик эсептерине жайгашкан каражаттардын пайыздык төлөмүнөн 728,6 миң сом өлчөмүндө операциялык эмес киреше алынган. *(2025-жылдын 23-октябрындагы №845 төлөө тапшырмасы менен 728,6 миң сом республикалык бюджеттин эсебине чегерилди).*

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине***

Бюджеттик кодекстин 105-беренесинин талаптарына ылайык, Бирдиктүү казыналык эсепке өтүү боюнча берилген мурдагы сунуштардын аткарылбай келе жаткандыгына байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигинин (анын ведомстволук башкармалыктарын, аймактык бөлүмдөрүн жана башка мекемелерин камтуу менен) казыналыктан сырткары турган алыш-бериш эсептерин жабуу жана

Бирдиктүү казыналык эсепке өтүү боюнча иш-чараларын жүзөгө ашыруу камсыз кылынсын.

***Курулуш министрлигине***

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин бюджеттин бирдиктүүлүк принцибин сактоо максатында, Бюджеттик кодекстин 105-беренесинин талаптарына ылайык, 3 айлык мөөнөттө мамлекеттик акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдү Казыналыктын бирдиктүү тутуму аркылуу жүргүзүүнү жүзөгө ашыруу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

***Турак жай-жарандык курулуш департаментинде*** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 112-беренесинин талаптары сакталбастан,

- 16 331,7 миң сом суммасындагы депозиттик суммалар казыналыктын тутумунда эсепке алынбастан, “Элдик банк” ААКсынын банктык эсебинде жүргүзүлгөн;

- депозиттик эсепте үч жылдык мөөнөтү өтүп кеткен, талап кылынбаган 105,5 миң сом суммасында акча каражатынын калдыктары бюджеттин кирешесине которулган эмес. *(Аудиттин жүрүшүндө 105,5 миң сом республикалык бюджетке которулду).*

**Сунуштама**

*Турак жай-жарандык курулуш департаменти* тарабынан депозиттик каражаттарды эсепке алууда жана сактоодо Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 112-беренесинин талаптарынын так сакталышы камсыздалсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Турак жай-жарандык курулуш департаменти*** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 8-пунктунун 3-бөлүгүндө каралбаган булактардан, тактап айтканда мамлекеттик сатып алуу келишиминдеги жеткирүү мөөнөтүнөн кечиктирилгендиги үчүн берүүчү тарабынан туум катары төлөнгөн 1 200,0 миң сом өлчөмүндөгү акча каражаты тиешелүү бюджетке кайтарылбастан, атайын эсепке киргизилген. *(Аудит учурунда 1 200,0 миң сом республикалык бюджетке которулду).*

**Сунуштама**

Мамлекеттик сатып алуу келишиминдеги жеткирүү мөөнөтүнөн кечиктирилгендиги үчүн, берүүчү тарабынан туум катары төлөнгөн 1 200,0 миң сом өлчөмүндөгү акча каражатын тиешелүү бюджетке кайтарбастан, *Турак жай-жарандык курулуш департаментинин* атайын эсебине которууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Баа түзүү жана сметалык ченемдөө республикалык борборунун*** мурунку директору Г.Э. Асанова тарабынан банктан накталай жалпы 180,0 миң

сом алынып (18.01.2023-ж. – 100,0 миң сом, 23.03.2023-ж. 60,0 миң сом, 01.11.2023-ж. 20,0 миң сом), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү” тартибинин талаптарын бузуу менен, кассага кириштебестен, чыгыштабастан, тастыктоочу документтери жок колдонулган. *(Аудит учурунда Г.А. Асанова тарабынан 2025-жылдын 15-декабрындагы №387400070 төлөм тапшырмасы менен 180,0 миң сом бюджетке кириштелип, калыбына келтирилди).*

**Сунуштама**

*Баа түзүү жана сметалык ченемдөө республикалык борборунда* 180,0 миң сом суммасындагы акча каражаттарын негизсиз чыгымдоого жана кассалык тартиптин бузулушуна жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Талас областтык капиталдык курулуш башкармалыгында*** аппаратты 19 343,4 миң сомго каржылоо бирдиктүү казыналык эсептен жүргүзүлбөй, бирдиктүү казыналык системадан тышкары “РСК Банк” ААКсы коммерциялык банкында ачылган эсеп аркылуу жүргүзүлгөн.

Мындан тышкары, сатып алуулар жол-жоболорунун катышуучуларынан кепилдик катары түшкөн 4 507,2 миң сомдук депозиттик каражаттар толугу менен башкармалыктын “РСК Банк” ААКсы банкында ачылган банктык эсебине которулган.

Белгилей кетсек, 2024-жылга карата мекеменин бухгалтердик эсеп-кысап отчеттуулугу, Башкармалыктын эсептик саясатына ылайык жүргүзүлбөстөн, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-П буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун талаптарына ылайык бюджеттик мекеме катары түзүлгөн, жана Форма №4 “Атайын эсептин каражаттары боюнча кирешелердин жана чыгашалардын сметасынын аткарылышы жөнүндө” тиркемеси аткарылган.

**Сунуштама**

*Талас областтык капиталдык курулуш башкармалыгында* бухгалтердик эсеби жана финансылык отчеттуулугун, ички контролдук системасын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Башкармалыктын эсептик саясатына шайкеш келтирилиши камсыздалсын.

## Бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү талаптарынын аткарылышы

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын

22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун талаптары сакталбастан:

***Мамкурулуштун Борбордук аппаратында***

- Социалдык фондго 17,25% өлчөмүндө 3,4 миң сом суммасында ашыкча чегерүү жүргүзүлүп, бухгалтердик эсеп боюнча дебитордук карыз катары чагылдырылган эмес. *(Аудит учурунда 3,4 миң сом Социалдык фондго 17,25 % чегерүү боюнча дебитордук карыз катары бухгалтердик эсепке алынды).*

- 2025-жылдын 13-ноябрына карата бухгалтердик эсепте чагылдырылбаган жалпы суммасы 73,7 миң сомду түзгөн 3848 даана так отчеттуулук бланктарынын калдыгы аныкталган *(аудиттин учурунда киришелип, балanска алынды).*

- Жалпы суммасы 90,6 миң сомду түзгөн жабдуулар (кондиционер, принтер) негизсиз чыгышталгандыгы аныкталган. *(Аудит учурунда 82,9 миң сомдук 3 даана кондиционер жана 7,7 миң сомдук 1 даана принтер, жалпы 90,6 миң сомдук жабдуулар мекемеге киришелип, бухгалтердик эсепке алынды).*

***Баа түзүү жана сметалык ченемдөө республикалык борборунда*** дебитордук жана кредитордук карыздардын туура эмес чагылдырылышынын натыйжасында кызматкерге ашыкча эсептелинген 14,2 миң сом кармалып, бюджетке чегерилген эмес. *(Аудит учурунда, 2025-жылдын 30-сентябрындагы №360 төлөм тапшырмасы менен 14,2 миң сом республикалык бюджеттин эсебине чегерилди).*

**Сунуштама**

- *Мамкурулуштун Борбордук аппаратында* так отчеттуулук бланктарынын чыгымдалышы, лицензиялоо жана сертификациялоо бөлүмү тарабынан берилген расмий отчеттордун негизинде белгиленген тартипке ылайык жүргүзүлсүн.

- *Мамкурулуштун Борбордук аппаратында, Баа түзүү жана сметалык ченемдөө республикалык борборунда* бухгалтердик эсепти жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун талаптары так аткарылсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Мамлекеттик архитектура-курулуш контролдоо департаментинде*** конкурстун жеңүүчүсү “Айтим” ЖЧКсы менен 1 406,9 миң сом суммасында компьютердик жабдууларды сатып алууга түзүлгөн келишим Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жөнүндө” жобонун 312-пунктунун 1-пунктчасынын “жумуштарды аткарууга жана кызматтарды

көрсөтүүгө авансалык төлөмдөрдүн өлчөмү контракттын (келишимдин) суммасынан 20 пайызга чейин” деп белгиленген талабын бузуу менен, келишимде эч кандай аванстык төлөм каралбастан, “Айтим” ЖЧКсына 100% өлчөмүндө аванстык төлөмдөр жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

*Мамлекеттик архитектура-курулуш контролдоо департаментинде* Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” жобонун 312-пунктуна ылайык, сатып алуулардын негизинде түзүлгөн келишимдерде аванстык төлөмдөрдүн өлчөмү белгиленип, төлөнүшү көзөмөлгө алынсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Ак-Суу райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгында*** финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IAS) 16 “Негизги каражаттардын” талаптары сакталбастан, негизги каражаттардын кызматка жарамдуулук мөөнөтү бекитилген эмес, амортизацияны эсептөөдө имараттын пайдалуу кызмат мөөнөтү 10 жылды, жабдуулардыкы 4-5 жылды түзөт. Башкармалыктын имаратынын баштапкы баасы 2 683,6 миң сомду, 2024-жылы эсептелген амортизация суммасы 190,2 миң сомду түзгөн. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 161-пунктуна ылайык, административдик имараттын пайдалуу кызмат мөөнөтү 100 жылды түзөт жана 1 жылга амортизация суммасы 19,0 миң сом өлчөмүндө же 171,2 миң сомго азыраак эсептелмек. Жыйынтыгында, имараттын баасы кыска убакытта амортизацияланып, жылдык отчеттогу чыгымдардын суммасы жогорулатылган.

**Сунуштама**

*Ак-Суу райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгында* финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IAS) 16 “Негизги каражаттардын” талаптарына ылайык, негизги каражаттардын пайдалуу кызмат мөөнөттөрү тиешелүү топторго бөлүштүрүлүп, бекитилсин.

**Аныкталды/Корутунду**

***Ат-Башы райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгында*** Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 132-беренесинин талаптарын бузууга жол берилип, накталай акча каражаттарын отчеттуулук менен алууга укуктуу адамдардын (материалдык жоопкерчиликтүү кызматкерлердин) тизмесин бекитилген эмес жана кызматкерлер менен материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишимдер түзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

*Ат-Башы райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгында* Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптарына ылайык, активдерди жоготуп алуу тобокелчилигин азайтуу максатында, материалдык жоопкерчиликтүү кызматкерлердин тизмеси бекитилсин жана материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишимдерди түзүү маселеси каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Мамкурулуштун 2024-жылдын 25-январындагы №14/1 буйругунун негизинде, агенттиктин балансында турган жалпы баасы 25 752,5 миң сомду түзгөн илимий-техникалык материалдар 2024-жылдын 6-февралындагы өткөрүп берүү-кабыл алуу актысынын негизинде Мамкурулушка караштуу ***Шаар куруу жана архитектура мамлекеттик долбоорлоо институтуна*** өткөрүлүп берилген. Бирок, илимий-техникалык материалдар Институттун 2024-жыл үчүн түзүлгөн бухгалтердик отчетунда кириштелген эмес жана балanска алынган эмес.

Муну менен бирге, Мамкурулуштун финансы-экономикалык бөлүмү тарабынан отчетторду жыйынтыктоодо 25 752,5 миң сомдук илимий-техникалык материалдарынын Институттун балансында чагылдырылышына тиешелүү мониторинг жүргүзүлбөстөн, ведомстволук отчеттордун тактыгы камсыздалбастан, мамлекеттик активдер толук эсепке алынбай калган.

**Сунуштама**

*Шаар куруу жана архитектура департаментинде* жалпы наркы 25 752,5 миң сомду түзгөн илимий-техникалык материалдар бухгалтердик эсепке кабыл алынсын жана Министрликтин финансы-экономика бөлүмү тарабынан Министрликтин жыйынтык отчетунда 25 752,5 миң сомду түзгөн илимий-техникалык материалдарын балансta чагылдыруу камсыз кылынсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Шаар куруу жана архитектура мамлекеттик долбоорлоо институту*** тарабынан 2024-жылдын 16-октябрындагы кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде “Комптек” ЖЧКсынан кабыл алынган жалпы суммасы 430,0 миң сомду түзгөн негизги каражаттар бухгалтердик эсепке алынган эмес. *(Аудит учурунда, бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, 430,0 миң сомду түзгөн негизги каражаттар эсепке алынган).*

*Мындан тышкары,* ***Шаар куруу жана архитектура мамлекеттик долбоорлоо институтунун Ысык-Көл филиалында*** 246,2 миң сомдук компьютердик каражаттар тастыктоочу документтери жок негизсиз чыгышталган. *(Аудит учурунда 157,7 миң сомго 1 даана ноутбук эсепке алынып, ордуна коюлду).*

**Сунуштама**

*Шаар куруу жана архитектура департаментинин Ысык-Көл филиалында* негизсиз чыгышталган 88,5 миң сомду түзгөн компьютердик каражаттарынын ордун толтуруу камсыздалсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо мамлекеттик институтунда*** "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин талаптары сакталбастан "ЛабСтройКомплект" ЖЧКсы тарабынан берилген диаметрлери 8–18 мм, 8–36 мм, 8–50 мм болгон 12 даана сыноо жабдуусуна колдонулуучу тетиктердин баасы жана жалпы суммасы коюлбастан бухгалтердик эсепке киришгелген эмес жана балансқа алынган эмес. *(Аудит учурунда институттун директорунун 2025-жылдын 14-октябрындагы №113-ПР буйругу менен комиссия түзүлүп, сыноо жабдуусунун иш процессинде колдонулуучу тетиктер 381,1 миң сомго бааланып, бухгалтерияга киришгелип, балансқа коюлду).*

**Аныкталды/Корутунду**

***Ысык-Көл областтык капиталдык курулуш башкармалыгында*** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобосуна ылайык, келишимди түзүүдө жумуштарды аткарууга жана кызматтарды көрсөтүүгө авансалык төлөмдөрдүн өлчөмү келишимдин суммасынан 20 пайызга чейин белгиленет. Бирок, Башкармалык 2024-жылы долбоордук-сметалык документтерди түзүү кызматтарын сатып алууда аткаруучуларга келишимдин суммасынан 40-100 пайыз өлчөмүндө которгон учурлар аныкталган. Б.а. долбоордук-сметалык документтерди түзүү боюнча жалпы суммасы 16 408,0 миң сомго 9 келишим түзүлүп, аткаруучуларга алдын-ала 11 073,5 миң сом акча каражаты которулган. Жыйынтыгында, аталган жобонун талаптарын бузуу менен, жалпы 7 791,8 миң сом которулган жана 2024-жылдын аягына аталган каражат дебитордук карыз болуп катталган. Долбоордук-сметалык документтерди түзүү боюнча келишимдерде алдын-ала которуу шарты каралган эмес.

**Сунуштама**

*Ысык-Көл областтык капиталдык курулуш башкармалыгында* Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун талаптарын бузуу менен, негизсиз алдын-ала которууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

## Дебитордук жана кредитордук карыздардын анализи

**Аныкталды/Корутунду**

Турак жай-жарандык курулуш департаментинин 2024-жылга карата түзүлгөн жыйынды балансынын маалыматтарында бюджеттик каражаттар боюнча 2024-жылдын 1-январына карата жалпы дебитордук карыздар 2 539 478,8

миң сомду, 2025-жылдын 1-январына карата 400 435,4 миң сомго азайып 2 139 043,4 миң сомду түзгөн.

2024-жылдын 1-январына карата жалпы кредитордук карыздар 306 032,3 миң сом болсо, 2025-жылдын 1-январына карата 66 655,7 миң сомго өсүп, 372 688,0 миң сомду түзгөн.

***Турак жай-жарандык курулуш департаменти жана анын аймактык башкармалыктары боюнча*** 2024-жылдын 31-декабрына карата 1 228 249,9 миң сом суммасында үч жылдык мөөнөттөн өтүп кеткен дебитордук карыздар аныкталган, анын ичинен Департаменттин борбордук аппаратында “Улуттук тарых музейи” объектисине жабдууларды жеткирүү жана орнотуу боюнча аткарылган иштердин тиешелүү баштапкы эсепке алуу документтеринин аткаруучу “СМУ 3” ЖЧКсы тарабынан камсыздалып берилбегендигинен улам, өткөрүп берүү, балanska алуу иштери бүткөрүлбөй 893 938,9 миң сом, “Изоел” ЖЧКсына курулуш иштерине которулган 51,3 миң сом мөөнөтүнөн өтүп кеткен дебитордук карыздар катары катталган жана капиталдык курулуш башкармалыктарынын дебитордук карыздары 334 259,7 миң сом. Аудитке берилген маалыматтар боюнча 2025-жыл ичинде капиталдык курулуш башкармалыктары боюнча 74 633,2 миң сом дебитордук карыз өндүрүлүп, жалпы 259 677,7 миң сом суммасында дебитордук карыздар өндүрүлө элек *(дебитордук карыздар боюнча маалымат №3 тиркемеде).*

**Сунуштама**

- “Улуттук тарых музейи” объектисинде жабдууларды жеткирүү жана орнотуу кызматтары боюнча 893 938,9 миң сомго дебитордук карыздар боюнча аткаруучу “СМУ 3” ЖЧКсынан тастыктоочу баштапкы бухгалтердик документтери талап кылынсын жана өткөрүп берүү иштери камсыздалсын.

- Департамент боюнча 51,3 миң сом жана капиталдык курулуш башкармалыктары боюнча 259 677,7 миң сом суммасындагы мөөнөтүнөн өтүп кеткен дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча жана алууга кайтарымсыз деп табылган карыздар боюнча доо менен сот органдарына кайрылуу аркылуу тиешелүү иш-чаралар 3 айлык мөөнөттө жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун талаптары сакталбастан, Мамкурулуш менен 2012-жылдын 24-июлунда эки тараптуу түзүлгөн келишимдин алкагында, Кыргыз курорттук-рекреациялык жана туристтик комплекстер боюнча илимий-изилдөө жана долбоорлоо институтунун Ысык-Көлдөгү филиалы тарабынан “Ысык-Көлдүн жээгин райондук пландаштыруунун башкы схемасын иштеп чыгуу” боюнча калган 6 045,4 миң сомдук каражаттар боюнча илимий-техникалык материалдар бүгүнкү күнгө чейин тапшырылбай, ***Министрликтин борбордук***

***аппаратынын*** бухгалтердик эсебинде дебитордук карыз катары чагылдырылган эмес. *(Аудит учурунда 6 045,4 миң сом суммасы боюнча өз ара эсептешүү актысы түзүлүп, Министрликтин борбордук аппаратынын бухгалтердик эсебинде дебитордук карыз катары чагылдырылган).*

**Сунуштама**

Кыргыз курорттук-рекреациялык жана туристтик комплекстер боюнча илимий-изилдөө жана долбоорлоо институтунун Ысык-Көлдөгү филиалынан “Ысык-Көлдүн жээгин райондук пландаштыруунун башкы схемасын иштеп чыгуу” боюнча 6 045,4 миң сомдук дебитордук карызды өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

***Шаар куруу жана архитектура мамлекеттик долбоорлоо институтунун Ош филиалынын*** 2024-жылдын 15-апрелиндеги №08/05 буйругунун негизинде Ош филиалынын жетекчиси А. Сатывалдиевге 200,0 миң сом суммасында ссуда берилген. 2024-жылдын 10-июнунда А. Сатывалдиев ээлеген кызмат ордунан бошоп кеткендигине карабастан, 200,0 миң сом суммасындагы ссуда мекемеге кайтарылган эмес жана Институттун 2024-жылга карата түзүлгөн балансында дебитордук карыз катары көрсөтүлгөн эмес. *(Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик жүгүртмөлөр жүргүзүлүп, 200,0 миң сом суммасындагы акча каражаты дебитордук карыз катары эсепке алынып, А. Сатывалдиев тарабынан, 100,0 миң сом кайтарылды).*

**Сунуштама**

*Шаар куруу жана архитектура департаментинде* 200,0 миң сом суммасындагы дебитордук карызды жашырууга жол берген тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын жана А. Сатывалдиевден 100,0 миң сом суммасындагы дебитордук карыз өндүрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

***Жалал-Абад областтык капиталдык курулуш башкармалыгында*** капиталдык салымдар боюнча 2024-жылдын 1-январына карата дебитордук карыз 199 028,5 миң сомду жана кредитордук карыз 68 139,7 миң сомду түзгөн. Ал эми, 2024-жылдын 31-декабрына карата дебитордук карыз 132 638,8 миң сомду жана кредитордук карыз 94 750,4 миң сомду түзгөн, анын ичинен, республикалык бюджеттен каржылоо жылдын аягында болгондуктан, 2024-жылдын 27-декабрында 24 подряддык ишканага жалпы 84 243,1 миң сом суммасында, келишимде көрсөтүлгөн талаптарга ылайык, алдын ала төлөмдөр жүргүзүлгөндүктөн дебитордук карыздар пайда болгон.

Мындан сырткары, дебитордук карыздардын пайда болушунун себеби болуп, тоолуу райондогу объектилердин курулуш иштерин жүргүзүүгө мүмкүн болбой калгандыктан, курулуш иштери убактылуу токтотулуп, 2025-жылы курулуш иштери жүргүзүлгөн жана аткарылган иштердин актылары менен кийинки жылы жабылган.

“Эскада” ЖЧКсы менен 2014-жылы Аксы районунун Авлетим айыл өкмөтүндөгү Байкашка-Терек айылындагы Акылбеков атындагы мектепти куруу үчүн 34 477,5 миң сомго келишим түзүлгөн. Аткарылган иштердин актысы боюнча наркы 30 025,084 миң сом болгондуктан, дебитордук карыз 4 452,7 миң сомду түзгөн. Подрядчынын дебитордук карызы Бишкек шаарынын район аралык сотунун 2018-жылдын 13-августундагы чечими боюнча Жалал-Абад областтык капиталдык курулуш башкармалыгынын пайдасына чечилген, бирок белгисиз себептер менен азыркы күнгө чейин өндүрүлгөн эмес.

“ТАМЭС” ЖЧКсынын дебитордук карызы 7 196,2 миң сомду түзгөн. Бишкек шаарынын район аралык сотунун 2018-жылдын 21-ноябрындагы чечими боюнча 6 654,5 миң сом Жалал-Абад областтык капиталдык курулуш башкармалыгынын пайдасына чечилген. Жоопкердин жайгашкан жери белгисиз болгондуктан, карыз өндүрүлгөн эмес. “Дани-Ата” ЖЧКсынын дебитордук карызынан 2 733,4 миң сому Кара-Суу райондук сотунун 2024-жылдын 24-декабрындагы чечиминин негизинде 2025-жылдын 26-июлунда өндүрүлгөн.

Ал эми, жогоруда белгиленген 94 750,4 миң сомдук кредитордук карыздардын түзүмү, курулуш иштерин жүргүзүүдө жылдан жылга өткөн, аткарылган иштердин актыларын кабыл алуу жүргүзүлүп жаткан жана каржылоо болбогон объекттерден келип чыккан карыздар.

**Сунуштама**

*Жалал-Абад областтык капиталдык курулуш башкармалыгында:*

- дебитордук карыздарды жоюу жана жылдан жылга өтүп келе жаткан дебитордук карыздарды кайтаруу максатына багытталган иштер аткарылсын;
- бюджет каражаттарды негизсиз пайдалануу жана жоготуу тобокелчилигин болтурбоо максатында, ар бир курулуш объектилери боюнча дебитордук, кредитордук карыздары деталдуу текшерилип, каржылоо жүргүзүлүп жаткан убакта карыздар жана өздөштүрүлгөн каражаттар боюнча ыкчам маалыматтарга талдоо, жүргүзүлсүн;
- Жалал-Абад областтык капиталдык курулуш башкармалыгында өндүрүштүк техникалык бөлүм менен бухгалтердик эсеп секторунун ортосунда дебитордук жана кредитордук карыздарды башкарууну жана контролдоону жөнгө салуучу атайын документтер иштелип чыгып, ар бир бөлүмдүн (жооптуу кызматкердин) жоопкерчиликтери белгиленип, такталсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Ысык-Көл областтык капиталдык курулуш башкармалыгында*** “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-бөлүгүндө “сатып алуучу уюм/Агент контракттар боюнча төлөөнү товарларды, аткарылган жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана консультациялык кызматтарды көрсөтүүлөрдү кабыл алуу актысынын датасына ылайык кезектүүлүк боюнча жүргүзөт” деп көрсөтүлгөн, бирок башкармалык тарабынан аткарылган жумуштар боюнча тастыктоочу документтери (акт,

форма-2, форма-3) жок болгондугуна жана дебитордук карыздарды өз убагында өндүрүлбөгөндүгүнө карабастан, финансылык операциялар жүргүзүлгөн. Жыйынтыгында, Башкармалыктын капиталдык салымдар боюнча 2025-жылдын 1-январына карата дебитордук карызы 234 088,4 миң сомду түзгөн.

Дебитордук карыздарды өз убагында өндүрүлбөгөндүгүнө карабастан төмөнкү подрядчыларга кошумча каржылоо жүргүзүлгөн: “САИ энд ТРЕЙД”, “Сириус Строй”, “Шер Курулуш”, “ЗИАРСтрой”, “Бийик KG”, “Ысык-Куль-Курулуш Сервис” жана “Ремстроймост” ЖЧКлардан 2024-жылдын 1-январына карата жалпы дебитордук карыз 19 277,2 миң сом болсо, 2024-жылдын 31-декабрына карата 59 550,1 миң сомду түзгөн же 40 272,9 миң сомго көбөйгөн.

Алдын-ала бюджеттик каражатты негизсиз курулуш иштерин кабыл албай туруп каражаттарды которуунун натыйжасында бюджеттик жоготуу келип чыгууда жана кээ бир учурларда мамлекеттик курулуштар бүтпөй калгандыгына алып келген. Дебитордук карыздарга жүргүзүлгөн талдоонун жыйынтыгында аудит жүргүзгөн учурга карата жалпы 115 458,9 миң сомдук дебитордук карыздардын тобокелчилиги жогору болуп эсептелет, анын ичинен 72 075,0 миң сомду өндүрүү жагы укук коргоо жана сот органдарына берилген.

**Сунуштама**

*Ысык-Көл областтык капиталдык курулуш башкармалыгында* дебитордук карыздарды кыскартуу максатында тиешелүү чаралар жүргүзүлсүн жана келишим боюнча төлөмдөр аткарылган жумуштарды кабыл алуу актысына ылайык жүргүзүлсүн, алдын-ала которулган каражаттарга банктык кепилдик талап кылынсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Талас областтык капиталдык курулуш башкармалыгында*** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы №855 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмесин түзүү жөнүндө” жобонун 12-пунктун бузуу менен, накталай аткарылган иштердин көлөмдөрү боюнча актылардагы маалыматтар менен аткаруучулар түзгөн Ф-3 маалым-каттардагы маалыматтардын дал келбегенине карабастан, “Кең-Арал айылындагы спорттук комплекстин курулушу” объектиси боюнча Аткаруучу “Дастан Строй Групп” ЖЧКсынын 1 451,2 миң сомго дебитордук карызы негизсиз азайтылган.

**Сунуштама**

*Талас областтык капиталдык курулуш башкармалыгында* “Кең-Арал айылындагы спорттук комплекстин курулушу” объектиси боюнча Аткаруучу “Дастан Строй Групп” ЖЧКсынын 1 451,2 миң сомго дебитордук карыз калыбына келтирилип, өндүрүлсүн. “Дастан Строй Групп” ЖЧКсынын дебитордук карызын 1 451,2 миң сомго негизсиз азайтууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Талас областтык капиталдык курулуш башкармалыгында*** "Чолпонбай айыл аймагынын Чымкент айылындагы 120 орундуу бала бакча курулушу" долбоору боюнча Аткаруучу "Ника КГ" ЖЧКсынын 2 116,6 миң сомго аткарылган жумуштар боюнча актылары февраль жана июнь айларынын Ф3 справкаларына тиркелип, жыйынтыгында эки ирет кабыл алынып, 2 116,6 миң сомго дебитордук карыз негизсиз эсептен чыгарылган.

**Сунуштама**

*Талас областтык капиталдык курулуш башкармалыгы боюнча* аткаруучу "Ника КГ" ЖЧКсынын 2 116,6 миң сомго аткарылган жумуштар боюнча, актыларын эки ирет кабыл алууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын. "Ника КГ" ЖЧКсынын 2 116,6 миң сомго негизсиз эсептен чыгарылган дебитордук карыз калыбына келтирилип, өндүрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

"Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин талаптары сакталбастан, регионалдык жана райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыктарында милдеттенмелер инвентаризацияланган эмес, контрагенттер менен салыштыруу актылары түзүлгөн эмес, дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча бухгалтердик эсептин маалыматтарынын тууралыгы жана аныктыгы тастыкталбастан, эсепке алынбаган 9 370,7 миң сомго дебитордук карыздар жана 308,0 миң сомго кредитордук карыздар аныкталган, анын ичинде:

- ***Ноокат райондук башкармалыгында*** - 7 805,6 миң сомго *(аудиттин учурунда бухгалтердик эсепке алынган);* ***Ош регионалдык башкармалыгында*** - 1 519,8 миң сомго *(аудиттин учурунда бухгалтердик эсепке алынган)*; ***Ак-Суу райондук башкармалыгында*** - 45,3 миң сомго *(аудит учурунда бухгалтердик жазуу менен бухгалтердик эсепке алынган) дебитордук карыздар;*
- ***Ак-Суу башкармалыгында*** - 308,0 миң сомго кредитордук карыз *(аудит учурунда 2025-жылдын 9-октябрындагы №1283 төлөө тапшырмасы аркылуу 308,0 миң сом республикалык бюджеттин эсебине калыбына келтирилген).*

Мындан тышкары, ***Талас регионалдык башкармалыгында*** архивариус А. Анарбековго эмгек акы чегерилбестен, 10,1 миң сом суммасында берилген аванс бухгалтердик эсептин тийишүү эсептеринде чагылдырылбастан, жашырылган.

**Сунуштама**

- *Ноокат регионалдык шаар куруу жана архитектура башкармалыгында* – 7 805,6 миң сомго, *Ош регионалдык шаар куруу жана архитектура башкармалыгында* – 1 519,8 миң сомго, *Ак-Суу райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгында* - 45,3 миң сомго дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн;

- *Талас регионалдык шаар куруу жана архитектура башкармалыгында* эсеп боюнча жашырылган 10,1 миң сом тийиштүү бухгалтердик эсептерде чагылдырылып, өндүрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

***Ысык-Көл областтык капиталдык курулуш башкармалыгында*** "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун талаптарын бузуу менен, подрядчы "ЗиАр Строй" ЖЧКсынын 448,9 миң сомго ашыкча аткарылган жумушуна келишим жок болгондугуна жана каржылоо булагы аныкталбагандыгына карабастан, эсепте кредитордук карыз катары катталган. Тактап айтканда үч тараптуу келишимдин жалпы суммасы 23 224,4 миң сомду (кошумча келишимди эске алуу менен) түзгөн, "Аймактарды өнүктүрүү боюнча социалдык кызматташтык Фонд" коомдук фонду (инвестор) тарабынан келишимдин шарттары боюнча 23 224,4 миң сомго каржылоо жүргүзүлгөн, анын ичинде тапшырыкчынын кызматтары үчүн 654,5 миң сом жана подрядчыга курулуш-куроо жумуштары үчүн 22 569,8 миң сом которулган. Ал эми, "ЗиАр Строй" ЖЧКсы тарабынан 23 018,8 миң сомго жумуштар тапшырылган. *(Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, кредитордук карыздар 448,9 миң сомго эсептен азайтылган).*

## Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуудагы бузуулар

**Аныкталды/Корутунду**

***Мамлекеттик архитектура-курулуш контролдоо департаментинде*** "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесинин 3-пунктунун 16-пунктчасына ылайык, мамлекеттик сатып алуулар порталы аркылуу ачык жарыяланбастан, Департамент менен "ПАРТНЕР НЕФТЬ" ЖЧКсынын ортосунда жалпы суммасы 594,9 миң сомго күйүүчү май сатып алуу боюнча келишим түзүлгөн.

Департаменттин билдирүүсү боюнча, буга чейин күйүүчү майды сатып алуу максатында, эки жолу тендер жарыяланган, бирок, эки учурда тең жетиштүү санда берүүчүлөр катышпагандыктан, мыйзамдын негизинде түз келишим түзүү чечими кабыл алынган. Жарыяланган эки жолку тендерлерде күйүүчү майдын баасы көрсөтүлүп, анын так көлөмү көрсөтүлбөгөндүгү аныкталган. Бул менен берүүчүлөрдүн конкурска толук кандуу катышуу мүмкүнчүлүгү чектелген.

**Сунуштама**

*Мамлекеттик архитектура-курулуш контролдоо департаментинде* сатып алуу жол-жоболорун жүргүзүү, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

***Жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо мамлекеттик институтунда*** "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 51-беренесинин талаптары сакталбастан, сатып алуу келишимине тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилбестен, баасы 179,8 миң сомду түзгөн LG моделиндеги компьютер монитору Кыргыз Республикасында жеткиликтүү эместигине байланыштуу, ордуна Samsung моделиндеги мониторду жеткирүүгө сатуучу тарабынан берилген катка макулдук берилип, кабыл алынган. Samsung LC34G55NWWIXCI моделиндеги мониторун альтернативдүү катары сунушталганы менен, техникалык жактан LG моделине салыштырмалуу төмөн деңгээлде турат. *(Аудит учурунда, "Мир Нэт" ЖЧКсы тарабынан келишимде көрсөтүлгөн компьютердин LG моделиндеги монитору кириштелип, ордуна коюлду).*

Мындан тышкары, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 50-беренесинин талаптары сакталбастан, "Максат Инжиниринг" ЖЧКсы менен 8 315,4 миң сомго түзүлгөн келишимде кепилдикти камсыз кылуу келишимдин 10% наркынын ордуна 30% коюлган жана Институт тарабынан келишимдин аткарылышына, анын ичинде банктык кепилдиктин күчүндө болуу мөөнөтүнө жана анын шарттарынын аткарылышына көзөмөл жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

*Жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо мамлекеттик институтунда* товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын келишимдерди аткарууну кепилдик камсыздоо жана сатып алуулар жөнүндө түзүлгөн келишимдерге өзгөртүүлөрдү киргизүү бөлүгүндөгү талаптарынын аткарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***"Кыргызкурулуш" мамлекеттик ишканасында*** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун" типтүү тартибинин жана Мамкурулуштун 2024-жылдын 17-июлундагы №215 буйругу менен бекитилген, "Сатып алууларды уюштуруу жана ишке ашыруунун эрежелеринин" талаптары бузулгандыгы аныкталган, анын ичинде:

- Типтүү тартиптин 34-39-пункттарынын, ошондой эле, Ички эрежелердин 4-главасынын пландаштырылган мезгилге карата сатып алуу планын түзүү жана аны белгиленген тартипте жарыялоо боюнча талаптар сакталган эмес;

- Ички эрежелердин 19-пунктунун “Жөнөкөй сатып алуу” усулу сатып алуу планынын ар бир беренеси боюнча 3 000,0 миң сомго чейинки суммадагы сатып алууларда колдонулушу мүмкүн деген талабы сакталбастан, “Д. Омурзаков атындагы башкы спорттук аренасынын футболдук аянтчасынын газонун суугарууга гидрогеологиялык скважинаны бургулоо” кызматтарын сатып алуу 3 866,5 миң сомго “Жөнөкөй сатып алуу” усулун колдонуу аркылуу жүргүзүлгөн;

- Жалпы суммасы 912 582,7 миң сомду түзгөн товарларды жана жумуштарды сатып алууда рынокко мониторинг жүргүзүлбөстөн жана конкурстук жол-жоболор өткөрүлбөстөн, субподряддык уюмдар менен келишимдер түздөн-түз түзүлгөн, анын ичинде: “Барс компани” ЖЧКсы – 135 000,3 миң сом, “Маэк-строй” ЖЧКсы – 647 575,6 миң сом жана “Сириус строй” ЖЧКсы - 130 006,8 миң сом;

- Типтүү тартиптин 71-пунктунда каралган сатып алуу келишимдерине банктык коштоону колдонуу боюнча талап аткарылган эмес.

**Сунуштама**

“*Кыргызкурулуш” мамлекеттик ишканасы* тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” типтүү тартибинин жана Мамкурулуштун 2024-жылдын 17-июлундагы №215 буйругу менен бекитилген, “Сатып алууларды уюштуруу жана ишке ашыруунун эрежелеринин” талаптарын бузуу менен, сатып алуу планын түзүүдө жана аны бекитүүдө, конкурстук жол-жоболорду өткөрүүдө кемчиликтерге жол берген, рынокко мониторинг жүргүзүүнү, сатып алуу келишимдерине банктык коштоону колдонуу боюнча талаптарынын аткарылышын камсыздабаган кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Талас областтык капиталдык курулуш башкармалыгында*** “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин талаптарын бузуу менен, сатып алуу жол-жоболору жүргүзүлбөстөн, 125,2 миң сомго товардык-материалдык баалуулуктар сатып алынган.

**Сунуштама**

*Талас областтык капиталдык курулуш башкармалыгында* “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин талаптарын бузуу менен, сатып алуу жол-жоболору жүргүзүлбөстөн, 125,2 миң сомго товардык-материалдык баалуулуктарды сатып алууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

“Мамлекеттик сатып алуулар” жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 50-беренесинин 4-пунктун жана Подряддык уюмдар менен түзүлгөн келишимдердин 5.7-пунктун бузуу менен, кепилдик мөөнөтү аяктаганга чейин (ар бир объект боюнча аткарылган иштерге 2 жылдан 10 жылга чейин) подрядчы уюмдарга контракттык камсыздоо каражаттары толугу менен кайтарылып берилген, анын ичинде:

- ***Чүй областтык капиталдык курулуш башкармалыгында*** - 464,4 миң сом *(аудит учурунда кайтарылган 464,4 миң сом суммасындагы каражат кайрадан кепилдиктик камсыздоо катары калыбына келтирилди);*

- ***Нарын областтык капиталдык курулуш башкармалыгында*** – 35 100,9 миң сом;

- ***Ош областтык капиталдык курулуш башкармалыгында*** - 42 555,12 миң сом.

Мындан тышкары, ***Баткен областтык капиталдык курулуш башкармалыгында*** “Мамлекеттик сатып алуулар” жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 50-беренесинин 4-пунктунун жана Подряддык уюмдар менен түзүлгөн келишимдердин 5.7-пунктунун кепилдикти камсыз кылуу талаптары сакталбастан, 2 келишим боюнча кепилдик мөөнөттөрү кыска (3 ай) белгиленип, подряддык уюмдардын келишимдик милдеттенмелерин аткаруусун камсыздоо максатында кармалып турушу керек болгон каражаттар кармалбай, келишимдин мөөнөтү аяктагандыктан заказчы контрактты аткарууну кепилдик камсыз кылуу укугунан ажыраган.

**Сунуштама**

1. *Чүй, Нарын, Баткен жана Ош областтык капиталдык курулуш башкармалыктарында* “Мамлекеттик сатып алуулар” жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын:

- 50-беренесинин 4-пунктунун жана Подряддык уюмдар менен түзүлгөн келишимдердин талаптарын бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

- 50-беренесинин 4-пунктунун талаптарына ылайык, подрядчылардын кепилдик боюнча милдеттенмелеринин аткарылышын камсыз кылуу, контрактты аткарууну кепилдикти камсыздоо механизмдери кайра каралып чыгып, тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

***Баткен областтык капиталдык курулуш башкармалыгында*** “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 48-беренесинин 1-пунктуна ылайык, жумуш жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууларга Контракттык башкаруу иштери жүргүзүлгөн эмес жана аталган мыйзамдын 9-беренесинин 6-пунктуна ылайык, сатып алуулар жөнүндө контрактты башкаруу үчүн бөлүм/адам дайындалган эмес.

**Сунуштама**

*Баткен областтык капиталдык курулуш башкармалыгында* “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9 жана 48-беренелерине ылайык, контракттарды жүргүзүү, башкаруу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

***Ысык-Көл областтык капиталдык курулуш башкармалыгында*** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү” тартибинин 110-пунктунун талаптарын бузуу менен, подрядчылар менен курулуш иштери боюнча түзүлгөн келишимдерде жумуштардын мөөнөттөрү көрсөтүлгөн эмес. Курулуш иштери боюнча мамлекеттик сатып алууга өткөрүлгөн сынактарда жана подрядчылар менен түзүлгөн келишимдерде курулуш жумуштарын аткаруу иш графигинин негизинде жүргүзүлөөрү чагылдырылган, бирок, түзүлгөн келишимдердин 2-тиркемеси болуп эсептелген “Иш графиктеринде” курулуш жумуштарынын мөөнөттөрү көрсөтүлгөн эмес. Ошондон улам, келишим боюнча курулуш-куроо жумуштарынын болжолдуу аяктоо мөөнөтү белгисиз болуп эсептелет жана бул жагдай белгиленген мезгилге каражатты бөлүштүрүү же башка иш-чараларды жүргүзүүнү пландаштыруунун жоктугун көрсөтөт. Ошондой эле, иш графиктери келишимде так жазылбагандыктан, иш аткаруучулар тарабынан кээ бир курулуш жумуштары узак мөөнөттөргө созулуп, кошумча бюджеттик каражаттардын чыгымдалышын талап кылууда.

**Сунуштама**

*Ысык-Көл областтык капиталдык курулуш башкармалыгында* подрядчылар менен курулуш иштери боюнча келишимдерди түзүүдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү” тартибинин талаптарынын сакталышы камсыздалсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Мамкурулуштун регионалдык жана райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыктарында “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин талаптарын бузуу менен, 504,6 миң сомго конкурс өткөрүлбөстөн сатып алуулар жүргүзүлгөн, анын ичинде: ***Ош регионалдык башкармалыгында*** - 403,1 миң сомго, ***Өзгөн райондук башкармалыгында*** - 28,7 миң сомго, ***Ноокат райондук башкармалыгында*** - 72,8 миң сомго.

**Сунуштама**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары так сакталсын, конкурс өткөрүлбөстөн сатып алууларды жүргүзүүгө жол берген Ош регионалдык, Өзгөн жана Ноокат

райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыктарынын кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Кара-Суу шаардык, Чүй регионалдык, Кара-Суу, Өзгөн жана Чүй райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыктарында*** “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин 2-пунктунун 1-пунктчасынын жана 23-беренесинин 2-пунктунун 4-пунктчасынын талаптары сакталбастан, рынокко мониторинг жүргүзүлбөстөн, квалификациялык талаптарды коюуда ашыкча талаптарды (лицензиянын болушу) белгилөө менен, сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

*Кара-Суу шаардык, Кара-Суу, Өзгөн жана Чүй райондук, ошондой эле Чүй регионалдык шаар куруу жана архитектура башкармалыктарында* “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык, сатып алууларды пландоо этабында рынокко мониторинг милдеттүү түрдө жүргүзүлсүн жана квалификациялык талаптарды аныктоодо ашыкча талаптарга жол берилбесин.

**Аныкталды/Корутунду**

***Кара-Суу райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгында*** “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 48-беренесинин талаптары сакталбастан, “Скай Форт ЛТД” ЖЧКсы менен сатып алуу боюнча конкурстук шарттардын негизинде түзүлгөн келишимдерде каралбаган 513,9 миң сомго алдын ала төлөөлөр жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

Келишимдердин шарттарында каралбаган алдын ала төлөөлөргө жол берилбесин, “Скай Форт ЛТД” ЖЧКсы менен түзүлгөн келишимдерде каралбаган 513,9 миң сомго алдын ала төлөөлөрдү жүргүзүүгө жол берген *Кара-Суу райондук башкармалыгынын* кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***Кочкор райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгында*** 2024-жылдын 12-декабрында автотетиктерди сатып алуу боюнча өткөрүлгөн конкурста “Ремарк групп ЛТД” ЖЧКсы 44,2 миң сом сунушу менен квалификациялык талаптарга жооп берип, жеңүүчү катары таанылган. Бирок, белгисиз себептер менен келишим түзүүдөн баш тарткан. Башкармалык тарабынан “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин 2-пунктунун талаптары аткарылбастан, келишим түзүүдөн баш тарткан “Ремарк групп ЛТД” ЖЧКсы ак ниет эмес берүүчүлөрдүн маалыматтар базасына киргизүү демилгеленген эмес.

**Сунуштама**

*Кочкор райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгы* тарабынан "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин 2-пунктунун талаптарына ылайык, келишим түзүүдөн баш тарткан "Ремарк групп ЛТД" ЖЧКсын ак ниет эмес берүүчүлөрдүн маалыматтар базасына киргизүү демилгеленсин.

**Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин сакталышы**

**Аныкталды/Корутунду**

Мамкурулуштун регионалдык, шаардык жана райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыктарында Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 423-беренесинин 2-пунктунун иштин калган түрлөрү үчүн көрсөтүлгөн 3-пунктчасынын *( а). накталай формада - 6 пайыз; б). накталай эмес формада - 4 пайыз)* ставкаларынын өлчөмүн туура эмес колдонуп, иш үчүн накталай эмес формадагы 6 пайыздын ордуна 4 пайыз эсептелип, 4 535,1 миң сомго аз эсептелинип төлөнгөн, анын ичинде: ***Кемин башкармалыгында*** -123,9 миң сом (*бюджетке чегерилген)*; ***Москва башкармалыгында*** - 296,3 миң сом (*бюджетке чегерилген)*; ***Сокулук башкармалыгында*** - 1 233,9 миң сом (*бюджетке чегерилген)*; ***Токмок башкармалыгында*** - 100,5 миң сом (*бюджетке чегерилген)*; ***Чүй башкармалыгында*** - 124,5 миң сом (*бюджетке чегерилген)*; ***Чүй регионалдык башкармалыгында*** - 114,3 миң сом (*бюджетке чегерилген)*; ***Ысык-Ата башкармалыгында*** - 469,2 миң сом (*бюджетке чегерилген)*; ***Ысык-Көл регионалдык башкармалыгында*** - 268,2 миң сом (*бюджетке чегерилген)*; ***Жети-Өгүз башкармалыгында*** - 58,9 миң сом; ***Тоң башкармалыгында*** - 74,8 миң сом; ***Ат-Башы башкармалыгында*** - 116,5 миң сом; ***Кочкор башкармалыгында*** - 119,6 миң сом; ***Ала-Бука башкармалыгында*** - 176,2 миң сом *(бюджетке чегерилген);* ***Базар-Коргон башкармалыгында*** - 163,9 миң сом; ***Баткен регионалдык башкармалыгында*** - 373,6 миң сом *(бюджетке чегерилген);* ***Ноокен башкармалыгында*** - 117,2 миң сом; ***Жалал-Абад регионалдык башкармалыгында*** - 148,7 миң сом (*бюджетке чегерилген);* ***Сузак башкармалыгында*** - 188,2 миң сом; ***Аксы башкармалыгында*** - 177,0 миң сом *(бюджетке чегерилген).*

*(Аудит учурунда жалпы 3 606,3 миң сом калыбына келтирилген).*

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 423-беренесинин 2-пунктунун 3-пунктчасынын талаптарын бузуу менен, иштин түрлөрүнө жараша бирдиктүү салыктын ставкаларын туура эмес эсептөөгө жол берген төмөндөгү регионалдык, шаардык жана райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыктарынын кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын: *Жети-Өгүз* - 58,9 миң сом, Тоң - 74,8 миң сом, *Ат-Башы* - 116,5 миң сом, *Кочкор* - 119,6 миң сом, *Базар-Коргон* - 163,9 миң сом, *Ноокен* - 117,2 миң сом, *Сузак* -

188,2 миң сом, жалпысы 928,8 миң сом суммасында туура эмес эсептелинген салыктарды белгиленген тартипте, толук көлөмдө бюджетке өндүрүп алуу чаралары көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

***Жалал-Абад облустук капиталдык курулуш башкармалыгы*** тарабынан областтын аймагында капиталдык курулуштарды жана оңдоп-түзөө иштерди сатып алуу боюнча мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына берилген жарыялоонун жыйынтыгы менен жеңүүчү катары табылган айрым аткаруучу уюмдардын салыктык ставкалары тийиштүү келишимдерде туура эмес көрсөтүлгөндүгүнүн натыйжасында, мамлекеттин эсебинен жалпы суммасы **10 034,4** миң сомдук ашыкча акча каражаттардын подрядчыларга негизсиз которулуп берилгендигине жол берилген. Тактап айтканда, курулуш иштерин сатып алууга өткөрүлгөн конкурстардын негизинде түзүлгөн келишимдерге ылайык, айрым подрядчылар кошумча нарк салыгы (НДС 12%) акча каражаттары керектелээри көрсөтүлгөн, аныгында, подрядчылар каттоодон өткөн Мамлекеттик салык кызматынын маалыматтары боюнча бирдиктүү салык (6%) төлөөчүлөрдүн режимине киргизилгендиги такталган.

Ал эми, Жалал-Абад капиталдык курулуш башкармалыгы тарабынан келишимге ылайык кошумча нарк салыгы (12%) толук төлөнгөн. Аудиттин жыйынтыгы менен 9 курулуш объектиси боюнча, подрядчыга которулган кошумча нарк салыгы менен бирдиктүү салыктын айырмасы 10 034,4 миң сомду түзгөн, алардын ичинен: “Сапат Максимум” ЖЧКсына - 512,4 миң сом, “КочкорАта айылкурулуш” ААКсына – 1 392,7 миң сом, “Снайпер” ЖЧКсына – 3 029,5 миң сом, “Снайпер” ЖЧКсына - 185,1 миң сом, “КубАЙ” ЖЧКсы туура эмес маалыматтар менен Мамлекеттик салык кызматында ЖЧКсына - 148,4 миң сом, “КубАЙ” ЖЧКсына – 1 120,9 миң сом, “КубАЙ” ЖЧКсына - 561,0 миң сом, “Мундуз Строй” ЖЧКсына - 408,5 миң сом, “Масыайылкурулуш” ЖАКсына – 2 675,9 миң сом.

**Сунуштама**

*Жалал-Абад капиталдык курулуш башкармалыгында* куруулар, капиталдык жана кезектеги оңдоп-түзөтүүлөр боюнча бүткөрүлгөн ишти кабыл алууда, каржы бузууга жол берген жооптуу кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын. Аудиттин жыйынтыгы менен аныкталган 10 034,4 миң сомдук негизсиз төлөнгөн каражаттар, тийиштүү тараптардан бюджетке калыбына келтирилсин.

**Аныкталды/Корутунду**

***Жалал-Абад областтык капиталдык курулуш башкармалыгында*** Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 22-беренесине ылайык, бирдиктүү салык кыйыр салык болуп саналбайт жана жумуштардын жана кызматтардын наркына кошулбайт деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, 2024-жылы жалпысынан 6 подряддык ишканалардын жалпы суммасы 3 836,4 миң сомдук бирдиктүү

салыгы жумуштардын жана кызматтардын наркына негизсиз кошулгандыгы аныкталган, анын ичинен: “РАЯН-ОШ-ЛТД” ЖЧКсына - 782,9 миң сом; “ЗамНурМир” ЖЧКсына – 574,1 миң сом; “Данка Строй” ЖЧКсына - 983,3 миң сом; “Жалал-Абадмонтажстрой” ЖЧКсына – 478,5 миң сом; “Силк Роунд Транс” ЖЧКсына - 284,3 миң сом; “Марлен АС” ЖЧКсына – 733,3 миң сом.

**Сунуштама**

*Жалал-Абад областтык капиталдык курулуш башкармалыгында* куруулар, капиталдык жана кезектеги ондоп-түзөтүүлөр боюнча бирдиктүү салыкты эсептегенде, Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 22-беренесинин талаптарына ылайык, эсептелинсин. Куруулар, капиталдык жана кезектеги оңдоп-түзөтүүлөр боюнча бүткөрүлгөн ишти кабыл алууда, каржы бузууга жол берген жооптуу кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын. Аудиттин жыйынтыгы менен аныкталган 3 836,4 миң сомдук негизсиз төлөнгөн каражаттар тийиштүү тараптардан бюджетке калыбына келтирилсин.

***Эскертүү:*** *Жалал-Абад капиталдык курулуш башкармалыгы боюнча куруулар, капиталдык жана кезектеги оңдоп-түзөтүүлөр боюнча бүткөрүлгөн ишти кабыл алууда* ***13 870,8 миң сом*** *(10 034,4+3836,4) суммасында негизсиз төлөнгөн каражаттар боюнча материалдар, укуктук баа берүү үчүн 16.10.2025-жылдагы №01-3/350 каттын негизинде КР УКМК Жалал-Абад областы боюнча башкармалыгына жиберилген.*

## Капиталдык салымдардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшү

**Аныкталды/Корутунду**

Республикалык бюджеттен бөлүнгөн капиталдык салымдардын максаттуу пайдаланылышына жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча аткарылган курулуш иштердин көлөмү жогорулатылгандыгы аныкталган, анын ичинде:

- ***Турак жай-жарандык курулуш департаментинде*** 4 курулуш объектиси боюнча 3 999,8 миң сомго *(аудиттин учурунда 547,1 миң сом калыбына келтирилген, 3 452,7 миң сом калыбына келтирилген эмес);*

- ***Ош областтык капиталдык курулуш башкармалыгында*** 62 курулуш объектиси боюнча 9 606,3 миң сомго *(аудиттин учурунда 898,9 миң сом калыбына келтирилген, 8 707,4 миң сом калыбына келтирилген эмес);*

-***Жалал-Абад областтык капиталдык курулуш башкармалыгында*** 52 курулуш объектиси боюнча 56 783,3 миң сомго *(аудиттин жүрүшүндө жана аудит аяктагандан кийин 55 412,1 миң сом калыбына келтирилген, 1 371,2 миң сом ордуна коюлган жок);*

-***Ноокен райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгында*** “Эльнур” ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерден жалпы 89,7 миң сомдук

курулуш иштеринин баасы негизсиз жогорулатылган (4% бирдиктүү салык) *(аудиттен кийин 21.01.2026 № 5161798 т/т калыбына келтирилди).*

- ***Баткен областтык капиталдык курулуш башкармалыгында*** 43 курулуш объектиси боюнча 14 604,3 миң сомго;
- ***Талас областтык капиталдык курулуш башкармалыгында*** 20 курулуш объектиси боюнча 27 065,1 миң сомго;
- ***Чүй областтык капиталдык курулуш башкармалыгында*** 6 курулуш объектиси боюнча 1 153,8 миң сомго;
- ***Ысык-Көл облустук капиталдык курулуш башкармалыгында*** 18 курулуш объектиси боюнча 16 139,3 миң сомго;
- ***Нарын областтык капиталдык курулуш башкармалыгында*** 40 курулуш объектиси боюнча 36 646,2 миң сомго *(аудиттин жүрүшүндө жана аудит аяктагандан кийин 34 722,8 миң сом калыбына келтирилген, 1 923,4 миң сом ордуна коюлган жок).*

**Сунуштама**

*Турак жай-жарандык курулуш департаменти* боюнча 3 452,7 миң сомго, *Ош областтык капиталдык курулуш башкармалыгы* боюнча 8 477,1 миң сомго, *Жалал-Абад областтык капиталдык курулуш башкармалыгы* боюнча 1 371,2 миң сомго, *Талас областтык капиталдык курулуш башкармалыгы* боюнча 27 065,1 миң сомго, *Чүй областтык капиталдык курулуш башкармалыгы* 1 153,8 миң сомго, *Ысык-Көл облустук капиталдык курулуш башкармалыгы* 16 139,3 миң сомго, *Баткен областтык капиталдык курулуш башкармалыгы* 14 604,3 миң сомго; *Нарын областтык капиталдык курулуш башкармалыгында* 1 923,4 миң сомго аткарылган жумуштардын жогорулатылган көлөмү № 4 тиркемеде көрсөтүлгөн подрядчылардын эсебинен бюджетке калыбына келтирилсин.

## Капиталдык салымдарга каражаттарды пайдаланууда жана курулуш иштерин аткаруудагы башка бузуулар

**Аныкталды/Корутунду**

***Талас областтык капиталдык курулуш башкармалыгында*** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 106-пунктун бузуу менен, аткарылган иштердин көлөмдөрү жөнүндөгү актылары жок (Ф2) буйрутма-наряд каттарынын негизинде 2 объект боюнча **6 020,6 миң сомго** жумуштар негизсиз кабыл алынган, анын ичинде: “Өзгөрүш айылындагы У. Акынбеков атындагы орто мектепти капиталдык оңдоо” объектиси боюнча аткаруучу “Талас МСМК” ЖАКынан - 5 000,0 миң сомго, “Кызыл-Адыр айылындагы борбордук стадионду реконструкциялоодо жана капиталдык оңдоо” объектиси боюнча аткаруучу “Бек Курулуш” ЖЧКсынан - 1 020,6 миң сомго.

**Сунуштама**

*Талас областтык капиталдык курулуш башкармалыгында* “Өзгөрүш айылындагы У. Акынбеков атындагы орто мектепти капиталдык оңдоо” объектиси боюнча аткаруучу “Талас МСМК” ЖАКынан - 5 000,0 миң сомго, “Кызыл-Адыр айылындагы борбордук стадионду реконструкциялоодо жана капиталдык оңдоо” объектиси боюнча аткаруучу “Бек Курулуш” ЖЧКсынан - 1 020,6 миң сомго аткарылган иштердин көлөмдөрү жөнүндөгү актылары жок (Ф2), буйрутма-наряд каттарынын негизинде, жумуштарды негизсиз кабыл алууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын, аткаруучулардын 6 020,6 миң сомго дебитордук карыздары калыбына келтирилип, өндүрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

***Нарын областтык капиталдык курулуш башкармалыгы*** тарабынан “Нарын областынын Нарын районунун Кара-Кужур а/а караштуу Жер-Көчкү айылына Б. Кыязов атындагы 150 орундуу мектеп куруу” объектиси боюнча, подрядчы “Бейшембай-Курулуш” ЖЧКсы менен 2022-жылдын 5-августунда түзүлгөн №3/ПР келишимдин, “Нарын шаарына А.Сыдыков атындагы 375 орундуу мектеп куруу” объектиси боюнча подрядчы “Илек Строй групп” ЖЧКсы менен 2022-жылдын 22-августунда түзүлгөн №4/ПД келишимдин “эгерде Мамкурулуш тарабынан курулуш-монтаждоо иштеринин сметалык наркынын өзгөрүү индекстерин эсептөө боюнча жаңы методика бекитилип, анын натыйжасында ушул келишимдин баасы төмөндөсө, анда тараптар бул боюнча кошумча макулдашуу түзүлөт” деген талаптары аткарылган эмес.

**Сунуштама:**

*Нарын областтык капиталдык курулуш башкармалыгы* “Нарын областынын Нарын районунун Кара-Кужур а\а караштуу Жер-Көчкү айылына Б. Кыязов атындагы 150 орундуу мектеп куруу”, “Нарын шаарына А. Сыдыков атындагы 375 орундуу мектеп куруу” объектилери боюнча төмөндөгү чаралар жүргүзүлсүн:

- “Бейшембай-Курулуш” жана “Илек Строй групп” ЖЧКлары менен түзүлгөн келишимдердин талаптарына ылайык, объектилердин сметалык наркына кайрадан баалоо жүргүзүү менен кошумча келишим түзүлүп, объектилердин курулушу аяктагандыгын эске алуу менен, объектилердин өздүк фондунун наркына тактоо жүргүзүлсүн.
- 2024-жылы “Бейшембай-Курулуш” ЖЧКсы боюнча 55 000,4 миң сом, “Илек Строй групп” ЖЧКсы боюнча 102 828,2 миң сом өлчөмүндөгү иштердин актылары комиссиялык түрдө кайрадан каралып чыгып, жаңы баалоо менен аткарылган иштердин актысы кайрадан тапшырылсын.

## Башка бузуулар

**Аныкталды/Корутунду**

Мамкурулуш 2024-жылы Өнүктүрүү жана дем берүү фондунун каражаттары Фонд жөнүндө жободо көрсөтүлгөн негизги багыттарга пайдаланылбастан, толугу менен кызматкерлерди материалдык жактан сыйлоого жана мамлекеттик кызматчылар категориясына кирбеген техникалык жана кенже тейлөөчү персоналга тамак-аш жана транспорт чыгымдары үчүн компенсация төлөөгө пайдаланылган. 2024-жылга чыгашалар сметасы 9 456,4 миң сомго аныкталса, “Эмгек акы” беренеси боюнча – 8 078,9 миң сом, “Социалдык фондго төлөмдөр” беренеси боюнча – 1 377,5 миң сом суммасында аныкталган.

“Өнүктүрүү жана дем берүү фонду жөнүндөгү” жобонун Материалдык жактан сыйлоо тартиби жөнүндөгү 4-бөлүгүнүн 14-пунктуна ылайык, “Кызматкерлерди материалдык жактан сыйлоо жөнүндө” буйруктарды тариздөөдө, конкреттүү кайсы учурларга жана эмнеге байланыштуу материалдык жактан сыйлоо жүргүзүлгөндүгү көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуштама**

Мамкурулуштун 2025-жылдын 8-январындагы №1 буйругу менен бекитилген, “Мамкурулуштун Өнүктүрүү жана дем берүү фонду жөнүндөгү” жобонун талаптарына ылайык,

- Фонддун каражаттары негизги багыттарга, атап айтканда, методикалык иштерди жүргүзүүгө, адистештирилген материалдарды иштеп чыгууга, ошондой эле материалдык-техникалык базаны чыңдоого жана жакшыртууга багытталып, максаттуу пайдаланылсын жана Фонд жөнүндө жобонун фонддун каражаттарын пайдалануу бөлүгүнө, эмгек акыга пайыздык чектөөлөрдү киргизүү маселеси каралсын.
- “Кызматкерлерди материалдык жактан сыйлоо жөнүндө” буйруктарды тариздөөдө материалдык жактан сыйлоо кайсы учурларда жана эмнеге байланыштуу бериле тургандыгы боюнча конкреттүү негиздер көрсөтүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Мамкурулуштун 2024-жылдын 23-сентябрындагы № 276 буйругу менен бекитилген, ***“Бишкекбашкыархитектура” мамлекеттик мекемесинин*** Жобосунун Кыргыз Республикасынын граждандык мыйзамдарына дал келбегендиги аныкталды. Жобонун 8-пунктунда “Бишкекбашкыархитектура жарандык укуктарга ээ, мамлекеттин менчигинде турган жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Бишкекбашкыархитектурага чарба жүргүзүү укугунда бекитилип берилген мүлккө ээ” деп белгиленген.

Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 230-беренесине ылайык, чарба жүргүзүү укугу мамлекеттик жана муниципалдык ишканаларга гана таандык. Ал эми мекемелер (анын ичинде мамлекеттик мекемелер) ГКнын 231-беренесине ылайык, мүлккө оперативдүү башкаруу укугунда гана ээлик кылышат.

Уюштуруу документтерине чарба жүргүзүү укугунда бекитилип берилген мүлккө ээ деп белгилениши, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин ченемдерине карама-каршы келет.

Ошондой эле, мекеменин Жобосунун 31-пунктунда "Бишкекбашкыархитектуранын чарбалык ишинин натыйжасында алган пайдасына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык салык салынууга тийиш" деп белгиленген. Ал эми Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 164-беренесинде "Менчик ээси тарабынан башкаруучу, социалдык-маданий же коммерциялык эмес башка функцияларды ишке ашыруу үчүн түзүлгөн жана ал тарабынан толук же жарым-жартылай финансылануучу мамлекеттик же башка уюм мекеме катары таанылары" каралган. Башкача айтканда мамлекеттик мекеме – бул пайда алуучу коммерциялык уюм эмес.

**Сунуштама**

*"Бишкекбашкыархитектура" мамлекеттик мекемесинин* уюштуруу документтери Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин талаптарына шайкеш келтирилсин.

**Аныкталды/Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 2-сентябрындагы № 535 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 25-январындагы № 40 "Бишкек шаарынын аймагында архитектура-шаар куруу иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү боюнча пилоттук долбоорду ишке ашыруу жөнүндө" токтомун күчүн жоготту деп таануу тууралуу" токтомунун негизинде, бир айлык мөөнөттө Бишкек шаарынын мэриясынын "Бишкекбашкыархитектура" муниципалдык ишканасы "Бишкекбашкыархитектура" мамлекеттик мекемесине өзгөртүлүп, тиешелүү ыйгарым укуктары, кызматкерлеринин штаты жана материалдык-техникалык базасы, анын ичинде имараттары жана курулмалары менен Мамкурулуштун карамагына өткөрүлүп берилген.

Бишкек шаарынын мэриясынын 2024-жылдын 3-сентябрындагы №202-т тескемеси менен "Бишкекбашкыархитектура" муниципалдык ишканасы "Ак-Бата" конушунда кубаттуулугу 650 окуучулук орунду түзгөн жалпы билим берүү уюмунун курулушун каржылоо үчүн ишкананын эсебинен 85,0 млн сом акча каражатын Бишкек шаарынын жергиликтүү бюджетине которууну милдеттендирилип, муниципалдык ишкана тарабынан 2024-жылдын 12-сентябрындагы №556 төлөм тапшырмасы менен жергиликтүү бюджеттин эсебине которулган. Бирок, мекеменин 2024-жыл үчүн финансылык планында, отчетунда жана балансында мэриянын эсебине чегерилген каражат чагылдырылган эмес.

Кийин, Бишкек шаарынын мэриясынын 2024-жылдын 29-ноябрындагы №282-т тескемеси менен, 2024-жылдын 3-сентябрындагы №202-т тескемесине "Ак-Бата" конушунда кубаттуулугу 650 окуучулук орунду түзгөн жалпы билим

берүү уюмунун курулушу” деген сөздөр “Алга” Бишкек спорт борбору муниципалдык ишканасынын объектисинин курулуш-монтаждоо жана оңдоо жумуштарына” деген сөздөр менен алмаштырылсын деп өзгөртүүлөр киргизилген.

Бишкек шаарынын мэриясынын 2023-жылдын 2-мартындагы №31 токтому менен бекитилген, “Бишкекбашкыархитектура” муниципалдык ишканасынын Уставынын 30-пунктуна ылайык, жылдын финансылык-чарбалык иштин жыйынтыгы боюнча Ишкананын таза пайдасынын 10%дан кем эмес отчеттук мезгилден кийинки жылдын 1-апрелине чейинки мөөнөткө жергиликтүү бюджетке которулууга тийиш. Таза кирешенин калдыгы Ишкананын фонддорун түзүү үчүн колдонулат.

Муниципалдык ишкананын Уставынын талаптарына ылайык келбеген шартта, Бишкек шаарынын мэриясынын тескемеси менен бюджеттин эсебинен каржылануучу мектептин курулушуна “Бишкекбашкыархитектуранын” ишмердүүлүгүнөн түшкөн кирешеден 85,0 млн сом чегерилген.

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигине, Бишкек шаардык мэриясына***

Бишкек шаарынын мэриясынын 2024-жылдын 3-сентябрындагы №202-т тескемеси менен, “Ак-Бата” конушунда кубаттуулугу 650 окуучулук орунду түзгөн жалпы билим берүү уюмунун курулушун каржылоо үчүн, “Бишкекбашкыархитектура” муниципалдык ишканасынын эсебинен которулган 85,0 млн сом акча каражатын “Бишкекбашкыархитектура” мамлекеттик мекемесине кайтаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

***“Кыргызкурулуш” мамлекеттик ишканасынын*** капиталдык салымдар боюнча мамлекеттик бюджеттен объекттерди долбоорлоо, капиталдык оңдоо, реконструкциялоо жана куруу иштерине бирдиктүү заказчы жана башкы подрядчы катары аныкталуусу, анын Уставында каралган толук чарбалык эсеп жана өзүн-өзү каржылоо принциби, Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 158-беренесинин 1-пунктундагы “*Чарба жүргүзүү укугуна негизденген ишкана катары мүлкү жана пайдасы мамлекеттин же жергиликтүү коомчулуктун менчиги болуп саналган жана ишкердик ишти жүзөгө ашыруу үчүн бул ишканага бекитип берилген юридикалык жак таанылат*” деп, белгиленген талаптарына шайкеш келбейт.

Мындан тышкары, материалдык-техникалык базасынын жана тиешелүү эмгек ресурстарынын жоктугуна байланыштуу, Ишкана капиталдык куруу, оңдоо жана реконструкциялоо иштерин башкы подрядчы катары өз күчү менен аткарууга мүмкүнчүлүгү жок. Аудит камтыган мезгил аралыгында жогорудагы аталган курулуш иштери субподряддык уюмдарды тартуу аркылуу гана жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине***

*“Кыргызкурулуш” мамлекеттик ишканасынын* капиталдык салымдар боюнча мамлекеттик бюджеттен объекттерди долбоорлоо, капиталдык оңдоо, реконструкциялоо жана куруу иштеринде бирдиктүү заказчы жана башкы подрядчы катары иш жүргүзүүсүнө, материалдык-техникалык база жана тиешелүү эмгек ресурстары менен камсыз болуусуна жана Уставында каралган толук чарбалык эсеп жана өзүн-өзү каржылоого ылайыктуу иш алып барышына талдоо жүргүзүлүп, ишмердүүлүгүнүн максатка ылайыктуулугун кайрадан карап чыгуу сунушталат.

***Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигине***

*“Кыргызкурулуш” мамлекеттик ишканасынын* Уставына ылайык, капиталдык салымдар боюнча бюджеттин эсебинен объекттерди долбоорлоо, капиталдык оңдоо, реконструкциялоо жана куруу иштерине бирдиктүү заказчы жана башкы подрядчы катары иш алып баруу максатында, материалдык-техникалык база жана тиешелүү эмгек ресурстары менен камсыз кылуу маселеси каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

***“Кыргызкурулуш” мамлекеттик ишканасында*** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун 2017-жылдын 24-февралындагы №1 буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик мүлктөрдү инвентаризациялоо боюнча методикалык көрсөтмөсүнүн” талаптары сакталбастан, Ишканада жылдык бухгалтердик отчетту түзүүдө мамлекеттик мүлктөргө, каржы милдеттенмелерине инвентаризация жүргүзүлбөгөндүгү жана дебиторлор, кредиторлор менен карыздарды тастыктоочу салыштыруу актылары түзүлбөгөндүгү аныкталган.

**Сунуштама**

*“Кыргызкурулуш” мамлекеттик ишканасында* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик Мүлктү башкаруу боюнча фонддун 2017-жылдын 24-февралындагы №1 буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик мүлктөрдү инвентаризациялоо боюнча методикалык көрсөтмөсүнүн” талаптарына ылайык, мамлекеттик мүлктөргө, каржылык милдеттенмелерге өз учурунда инвентаризация жүргүзүлүшү, салыштыруу актыларынын түзүлүшү жана дебитордук карыздарды өндүрүү, кредитордук карыздарды кыскартуу боюнча иш-чаралардын жүргүзүлүшү камсыздалсын.

## Турак жай жарандык курулуш департаментинин алдындагы “Мамлекеттик мектептерди куруу” Инвестициялык долбоору (2023-жылга карата)

**Аныкталды/Корутунду**

Инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу боюнча координациялоо тобунун бухгалтердик эсепти жүргүзүүчү баштапкы документтери, тактап айтканда кызматкерлерге эмгек акы чегерүү жана төлөп берүү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 83-84-пункттарынын талаптарына ылайык, т.а. бухгалтердик регистрлер эл аралык долбоорлордо чет өлкөлүк валютада да, сомдо да жүргүзүлүп, чет элдик валютадагы операциялар жасалган күндөгү Улуттук банктын курсу менен сомго кайра эсептелинбестен, АКШ доллары менен эсептелинип, накталай чыгыш кассалык ордер аркылуу берилген.

**Сунуштама**

Бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ченемдик актыларында бекитилген тартипте жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду**

Инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу боюнча координациялоо тобунун 2023-жылга штаттык ырааттамасы, Турак жай жарандык курулуш департаменти тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-июлу № 371 “Эл аралык финансылык уюмдар жана донор өлкөлөр тарабынан каржылануучу долбоорлорду даярдоого жана ишке ашырууга катышкан кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомунун талаптарына ылайык, кызматтык маяналарынын өлчөмдөрүн белгилөө менен бекитилүүгө тийиш.

Бирок, координациялоо тобунун штаттык ырааттамасы Департамент тарабынан, 2017-жылы (номери, датасы жок) 6 бирдикте, кызматтык маяналарын: топтун жетекчисине - 85,0 миң сом, башкы инженерге - 65,0 миң сом, финансылык менеджерге - 65,0 миң сом, сатып алуулар жана контракттар боюнча адиске - 55,0 миң сом, мониторинг боюнча адиске - 50,0 миң сом, котормочу адис менеджерге - 45,0 миң сом өлчөмүндө белгилөө менен бекитилип, кийин жогоруда аталган токтомго ылайык келтирилип, кайрадан бекитилген эмес.

Мындан тышкары, 2017-жылдан бери Координациялоо тобунун жетекчиси тарабынан координациялоо тобунун штаттык ырааттамасы кызматтык маяналары сом жана АКШ долларында бекитилип, эмгек акы АКШ доллары менен эсептелинип келген. Натыйжада 2023-жылы координациялоо тобунун эмгек акысына, айрым кызматкерлердин алдындагы карыздарды эске алуу менен, 534,3 миң сом ашыкча чегерилип, төлөнүп берилген. (2017-жылы орточо 1 АКШ доллары - 68,99 сомду, 2023-жылы - 89,16 сомду түзгөн).

Аудит учурунда, аудит координациялоо тобунун жетекчиси тарабынан кызматкерлердин эмгек акысын бекитүүгө ыйгарым укугун тастыктоочу тийиштүү документтер (жобо, буйрук) менен камсыз кылынган жок.

**Сунуштама**

*Инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу боюнча координациялоо тобунун* штаттык ырааттамасы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-декабрындагы № 830 "Эл аралык финансылык уюмдар жана донор өлкөлөр тарабынан каржылануучу долбоорлорду даярдоодо жана ишке ашырууда иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомунун талаптарына ылайык бекитилүүсү камсыз кылынсын жана координациялык топтун штаттык ырааттамасын бекитүүдө жана кызматкерлерге эмгек акы төлөөдө келтирилген кемчиликтерге жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**

Берилген маалыматка ылайык, 2023-жылы ар кандай чыгымдарга 15 147,0 АКШ доллар чыгымдалган, анын ичинен топтун финансылык менеджери Т.М. Зикирбаев тарабынан 12 799,0 АКШ доллары кассадан жоопкерчиликке алынып, тастыктоочу документтери жок чыгышталган. *(Аудит учурунда 12 799,0 АКШ доллары (2025-жылдын 27-ноябрына карата доллардын курсу 87,45 сом - 1 119 272,55 сом) жоопкерчиликке алган тараптардын эсебинен ордуна коюлду).*

**Сунуштама**

12 799 АКШ доллары суммасындагы акча каражатын кассадан отчет берүүгө жана тастыктоочу документтери жок чыгыштоого жол берилгендиги үчүн, Инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу боюнча координациялоо тобунун жетекчилигинин жоопкерчилиги каралсын.

*Балыкчы жана Каракол шаардык, Кадамжай жана Талас райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыктарында финансылык тартип бузуулар аныкталган эмес.*

**Аудитор** **А.Т. Байгазаков**